БАКТЫБЕК МАКСУТОВ

# КАЗЫБЕКТИН АРМАНЫ

Бишкек
«Ыбыш Ата», 1993

БАКТЫБЕК МАКСУТОВ

# КАЗЫБЕКТИН АРМАНЫ

(повесть)

Б и ш к е к
«Ыбыш Ата», 1993

**Максүтов Б. М.**
М 17 Казыбектин арманы: Повесть —
Б. «Ыбыш Ата», 1993. 47 б.

Повестте ысымы кайрадан айтыла баштаган Ат-Башылык кадимки Казыбек акындын өмүр жолунун кыйчалыш мезгили автордун өзүнө тие шелүү көркөмдүк чеберчиликте баяндалат.

Эмгек автордун жарык көрүп жаткан экинчи китепчеси.

М1702300100 ББК 84 Ки 7—4

© «Ыбыш Ата», 1993

Ак кагазды каралап,
Алым келсе бир сөздү
Айткым келет чамалап.
Казыбектин айтканы
Калк ичинде бир нуска
Калса деймин аралап.
Кадырсыз болсо угууга,
Кала берсин талаалап.

**КАЗЫБЕК**

# КАЗЫБЕКТИН АРМАНЫ

Токулгалары келишкен, келишимдүү, жүрүштүү аттарды минген, жакшы кийинген үч адам кечке жуук айылдан өкчүнүраак тигилген ак боз үйгө келип түшүштү. Аттарын алып, эшик ачып, үйгө киргизишти. Алдыга чай келип аркы-беркини сүйлөшкөндөн кийин Абдылда сөз баштады:

— Нурмаке, келгенибиздин жөнүн сезип жаткандырсыз. Пайгамбар кошкон дос болот, кудай кошкон куда болот дейт. Сиз туура көрсөңүз, агайын — тууганга эп келсе, нике кайып буюруп калса, сиздин кызыңыз Зуураш менен Макемин уулу Казыбекти кол кармаштырып койсок деген тилек менен кулдук айтып, алдыңызга келип олтурабыз.

Башынан көптү өткөргөн, ата-бабасынан бери эл бийлеп келаткан, тектүү жерден чыккан, көп жыл болуш болгон Нурмамбет Абдылданын баштаган сөзүнө шар жооп бере албай, бир азга шалдая туруп калды.

Ортодо боло калган жымжырттыкты Чортек бузуп, сөздү андан ары улады:

— Албетте, Нурмаке, келин алып, кыз бериш оңой-олтоң жумуш эмес. Ойлоно турган жөнүңүз бар. «Жети өлчөп, бир кес» деген кеп бар эмеспи, ойлонуштуруп көрүңүз. Мурда кийин көрүшүп жүргөн адамдарданбыз. Илгертен куда-сөөк эл экенбиз.

— Ээ аксакалдар. Ичтен чыккан ийри жылан дегендей, Зуураш кыз да болсо бир үйдөгү эки баланын кенжеси, атаэненин эркеси. Көзүн караган жалгыз кызыбыздын келече-

гин ойлоп, шар жооп бере албай, кетенчиктеп турганым ушул. Илгертен куда-сөөк күтүшүп, балдарды табыштырып койгон кыргыздын салты экен. Бирок жаңы замандын мыйзамына баш ийбесе да болбойт турбайбы. Эки бала өздөрү эмне дээр экен? Жалгыз кызыбыз ыйлабагандай жерге барса экен деп, энеси экөөбүз ак эткенден так этип, тилегенибиз эле ушул.

Эртеден бери адеп сактап, сөзгө кошулбай турган Мамбетимин сөзгө аралашты:

— Ээ, Нурмаке, келин-кесектин айтканына караганда эки бала мурда бирин-бири билсе керек. Сыягы ата-энелердин чечимин күтүп калышкан кейпи бар.

Нурмамбет мурдатан көрүп-билип жүргөн, элге кадырбаркы бар, ошол өрөөндүн кызына үйлөнгөн Мамбетиминдин сөзүнө так кесээр жок дей албады.

— Аксакалдар, айып этпеңиздер. Бүгүн жатып, эс алып, сый көрүңүздөр, жообу эртең болот.

Эртеси алдыга эт тартылып, андан кийин кымыз ичилип, аттана турган мезгил болгондо сөздү Нурмамбет баштады:

— Ээ Маке, кечээтен бери агайын-тууган менен акылдашып көрдүм. Черик тин үч мыктысы, сиздер келип олтурасыздар, сиздерден өткөн куда тапмак белем. Эки бала бактылуу болсо эле болду.

— Ыракмат Нурмаке, ыракмат. Мамбетимин баш болуп, жанындагы Абдылда, Чортектин жүздөрүнө кубаныч кирип, алкап жиберишти.

Дасторкондо отурган сакалдуу-көкүлдүү баары бир чечимге келишип, балдарга бата тилешип, келген кудалардын ою ордунан чыгып, ыраазы болуп аттанып кетишти.

Көп өтпөй ата салты менен кызга сөйкө салганы көкүлүнө кебез байлатып, кара кашка аргымакты баш кылып, калыңын кошо айдатып, Казыбекке Акматты, жаш болсо да Мокени күйөө жолдош кылып, күйөөлөтүп жөнөттү.

Кошуна-колоң, кыз-кыркын күйөө болчу Казыбекти мурда көргөнү бар, сыртынан атын угуп ашык болуп жүргөнү бар, анын шыңга боюна, кара тору өңүнө келишкен келбетине суктана карашып, мукам үнүн уккандар сыйкырлап койгонсуп, ага арбалгансып, кетирбей эки күнү кондуруп, болгон сый-урматын көрсөтүштү.

* *

1924-жыл, кулжа айынын башы. Чалк-Өйдө жайлоосу Ар кайсы туюк-туюк төрлөрдөн көк кашка тунук суу агып,

айлананын баары жашыл тукаба жамынгандай жап-жашыл. «Күн тийгенде суу кирип, күкүгү сайрап чакырып, торгой чөлдө сайраса, тоосунан улар үн салып, токоюнан элик бакырып, тоодагы түздө топтолуп, токоюн кыргоол оттоп, колотун коен боктоп» турган мезгил. «Шибер түшардан келип, арала-та бастырсаң, ат жүрө албайт чөбүнөн». «Жылжытып жылкы айдаган, чыңыртып кулун байлаган» кыргыз жайлоосунун болуп да, толуп да турган убагы. Көк шиберге тигилген аппак боз үйлөр, көркөмү чыгып чатырап, жайлоонун көркүнө көрк кошконсуйт. «Кымыздан чайкап ичишип, кызыктуу сөздөн айтышып», ак сакалын жайкалтып, карыялар чогулуп, узун сабак сөзгө, санжыранын керемет дүйнөсүнө кирип кетишкендей. «Кемселчен басып ыргыштап, келегер чачпак бош таштап» боз үйлөрдөн кирип чыккан келиндер.

Нурманбеттин айылы Талаа-Булактан бул конушка көчүп келгенине бир жумача болуп калган. Казыбек теңтушу Акматты, Мокени ээрчитип келип калышты. Мурда көрүп калган, ырын угуп калган айылдын жаш жигиттери, келин-кыздары келгендерди кучак жайып тосуп алышты. Мал союлуп, конок камы көрүлүп, тамак ичилип бүткөндөн кийин, ай чыккан мезгилде айылдын жаштары чогулуп кыз оюн башталды.

Түн. Асманда жылдыздар жымыңдашып, көктөгү жай жылып бараткан ай дагы өзүнчө бир керемет кооз «Жайдын салкын түнүндө, сыдырым шамал жел келсе» дем алган адамдын көөнүндөгү кайгысы жоголуп, ички дарты, муңу-кайгысы өзүнөн өзү чыгып кеткендей.

Эки жаштын тоюна арналып, атайылап курган алты бакан селкинчекте термелишкен Зуурабүбү менен Казыбек бүт дүйнөнү унутушуп, бири-бирине кумарлуу тиктеп, жашоонун адамга чанда бериле турган бир бактылуу учурун өткөрүп жатышты. Жайлоонун эң бир таза абасында, түндүн бир укмуш керемет сулуулугунда кыз-келиндер шарактап күлүп, шатыран-шатман болуп, ойлорунда эч бир кири жок, оюн-күлкүгө берилип, Казыбектин ырдаган ырына маашырланып, сыйкырсыз арбалып, улам уккан сайын анын үнүн кайрадан уккусу келишип, моокумдары канбай түндүн далайына чейин ырдап жатышты.

Бул жайлоодо мындай кыз оюн көптөн бери боло элек эле. Эмдигиси качан болору бүдөмүк.

Эки күндөн кийин Зуурабүбүнү аттантышты. Чачын кырк өрүм кылып өрдүрткөн, шөкүлө кийип, аппак көйнөк, кызыл

кыжымыдан чыптама, намеркен маасы кийип Зуурабүбү эки женесинин ортосунда тоту куштай болуп, астындагы тору жоргонун жүрүшү менен кетип баратты. Эки сандыкты жүктөп, үстүнө «жаркыратып килем жаптырган» төөнү Моке жетелеп бара жатат. «Ар форуму келишкен, ат жабдыгы күмүштөн, булгаары тердик кундуздан, бурчунда чеге жылдыздан, кымбат баа кийим кийип, кылыктуу жорго минген, бурала басып ыргыштап, буластаган кыз-келин, суурултуп күлүк ат минип, көргөнду суктанткан» жаш жигиттер Казыбекти урматтап, далайга чейин ажыраша албай, Ойноок-Жарга чейин узатып келип аргасыздан калып калышты.

Мамбетиминдин Ничке деген конушу. «Келин келет» деп бала-бакыра, кыз-келин опур-топур болуп Мамбетиминдин үйүнүн тегерегинде. Чогулгандар утурлай чыгышып, келинди салтанат, шаан-шөкөт менен тосуп алышты. Байбичелер чачыла чачышып, көпчүлүккө күмүш тыйын ыргытышты.

— Айланайындар, ак сакалдар. Зуурашка батаңарды бериңиздер. Мурда жамандыктан жүрөгү калган Мамбетимин каргылдана үн чыгарып жалооруй көпчүлүккө кайрылды.

— Келген келин өмүрлүү болсун, көп жашасын, оомийин. Ак сакалын жайкалткан карыялар, ак элечек байбичелер, ошол жерде турган көпчүлүк чуркурап, кол жайып бата бериш жиберишти.

Ырым, кылып, Зуурабүбүнү үйгө керегенин түбүнөн киргизишип, ак жибек көшөгөгө отургузушту.

Жарым айга чейин эркелетип, кырк өрүм чачы менен шөкүлөчөн койду. Орозалынын зайыбы Калыйча келиндин чачын өрүп отурса, кайниси Кадыралы үйдүн жанынан өтүп баратып көрүп калды да минтип айтат дейт:

— Бу Мамбетимин кырк өрүм чачы менен коюп, шөкүлө кийгизип, келинин кыз кылып кайра сатабы?

— Ой шуулдак, деги ушундайыңды койсоң боло, уят эмеспи, мындан кийин минтпей жүр, сөзүңдү эл укпасын.

Кийин энеси себин алып баргандан кийин чоң той берип, тай союп, айыл аксакалдарынан бата алып, биринчи жолу Турсун-Коргондо келинге жоолук салышты.

Казыбек кийинчерээк наристенин жытын сагынып, бала жөнүндө кеп ойлончу болду. Баланы өзгөчө жакшы көрчү. Анын сырын билген балдар жанынан чыкпай шыңаарлап, чоңураактары мергенге чыкса атын токуп, жетелеп ээрчип алаар эле. Алардын кыял-жоругун туурап, ырга кошуп, баарын боору эзилгенче күлдүрүп, өзү да аларга кошулуп кат-

кырын күлүп күмардан чытаар эле. Анын үстүнө бул үй-бүлөдө далайдан бери наристенин үнү угула элек болчу.

Жаздын бир күнүндө эртең менен Зуурабүбү көз жарды. Мамбетимин барбалаңдап сүйүнүп, азан чакырып: Оо айланайын кудай, ушул уулумдун боосун бек кыла көр, Казыбектен кийин эркек баланын үнүн укканым ушул, — деп куруп мойнуна салып, кудайга жалынып, атын Насыр койду.

Мурунку күнү Ат-Башыга кеткен Казыбек бешим чениде келди. Көчкө утурлай жолун тосуп жүргөн балдар караанын көрүнөөрү менен эле алдынан чаап чыгып сүйүнчүлөштү. Маңдайы жарыла сүйүнгөн Казыбек жетине албай, базарлык деп алып келе жаткан оокаттарынын бир тобун балдардын колдоруна карматып, үйдөгү майда жандыктан да таратып жиберди.

Киргөн-чыккандар кетип, ээндей калганда Казыбек Зуурабүбүнүн чачынан ылап: — Бешик боон бек болсун, — деп маңдайынан өптү. Мына бизге да кудай берип, балалуу болдук, биз да эл катары жашайбыз. Биз эми чексиз бактылуубуз. Бир аз тынып кетсең уулубузга арнап чоң той беребиз, дүнүйө кимден калбаган Зукай, баладан аянмак белек. Бала биздин келечегибиз, бала биздин тукумубузду үзүлтпөй улачубуз. Тагдыр жетип, күн бүтсө «атакелеп» чыңырып ыйлап атыңды, атагыңды чыгарчу бала эмеспи, Зукай.

Зуурабүбү Казыбектин көргөзгөн сый-урматына, кылган аяр мамилесине, жумшак мүнөзүнө ичи ысып баласын алдына алып отуруп эмизип, табият тартуулаган энелик чексиз бакытка чексиз балкып жатты.

Бир аз күн өткөндөн кийин айыл-апанын баарын чакырып тай союп, дасторконун жайнатып балага той беришти. Насырдын күлүп эле койгону, эки колун жайып талпынганы Казыбектин эт жүрөгүн элжиретип, үйдөн чыкпай, баладан алыс кетпей айланчыктай берди. Эркелеткен сайын балага болгон сүйүүсү артып, жыпар жыты жыттаган сайын делебесин козгоп, уулуна узун өмүр жаш тилеп, толкунданып, күндөрдүн биринде уулуна арнап казалын чыгарды.

* * *

Кубаныч, бейкут турмуш көпкө созулган жок. Казыбектин үй-бүлөсүн жамандык тоорул, күтүлбөгөн кырсыктар күн сайын кара булуттай каптай берди. Атасы Мамбетимин жалаа менен түрмөгө камалды. Энеси Ажар ооруп, ооруканага жатып калды. Мотураңдап ойноп туруп эле үчкө караган На-

сыр эти-башы ысып, эриндери көгөрүп, кыргызча ырымдаганга карабай чарчап калды. Көпчүлүк болуп, айылдын четиндеги көрүстөнгө жашырып келишти. Казыбек жалгыз уулун колдон учуруп жибергенине зээни кейип, ушуну менен тукумсуз өтөөрүн алдын ала сезгендей боконо сөөгү болкулдап боздоп ыйлап жатты. Баланы ырга кошуп, анын кымбатын, чыркыратып башка мүшкүл салып таштап, чымчык сымал бир кайрылбай учуп кеткенин мунканып ырдап, муунжуунду бошотуп, уккан адамдын сай-сөөгүн сыздатып жатты.

— Айланайын Казыбек, жазуу-буйрукка арга жок, көтөрбөскө чара жок, балам. Ушунча жашка келип, перзенттин «ынаа» деген үнүн укпай, өмүр бою кудайдан тилеп, же кудай тилегимди кабыл кылбай, байбичем экөөбүз бала деп кан какшап келсек да эч бир ылаажы болгон жок. «Чырпык сынса сынсын, чынар аман болсун» дейт. Андан көрө Зуурап экөөң өзүңөр аман болгула, башыңар жаш эмеспи. Кудайга тобо де, уучуң куу эмес го балам. Мамбетиминдин агасы Бөлек көзүнөн жашын куюлтуп, кемшеңдеп ыйлап, жыгылып—туруп барып, Казыбекти сооротуп жатты.

Бул үй-бүлөнүн иши кыйшактап, тетирилей баштады.

* * *

1929-жыл. Бирдин айы.

Айылдык кеңештен 7 кишиден түзүлгөн комиссия, беш атар мылтык асынып, кылыч байланып, куйруктары толорсугунан кесилген ат минген 2 аскер эртең менен эрте Мамбетиминдин үйүнүн жанына пайда болду. Короодогу малды, жайыттагы малды айдаттырып келип,санактан өткөрүштү. Үйдөгү Зуурабүбүнүн себине келген килемди баш кылып, жууркан-төшөктү, аппак боз үйлөрдү, идиш-аяктарды тизмелеп тактап, төөлөргө жүктөштү. Аялдардын чолпу, сөйкө, шакектерине чейин чыгарып алышты.

Айылдагы эл тез эле чогулуп, айдалып кетип жаткандарды кыя албай же бошотуп жибере албай аскерлерден айбыгып, көздөрүнө жаш алып, айласыз томсоруп турушту.

— Ой, эл-журт! — Арасынан бирөө зоңк этти. — Бу биз эмне деген пенде болуп калганбыз. Каратып туруп эле ушул бечараларды көз көрүнөө айдатып жиберебизби. Бул бечаралардын күнөөсү эмне? Өз оокат-тиричилигине карап, тыныраак оокат кылганы үчүнбү? Биреөнүн бирдемесин тартып

алып, же жылкы чаап келип, уурулук кылганын, жалчы жалдап, малай жумшаганын көргөн — билгенинер барбы?

— Эй, эмне деп дөөрүп жатасың? — Мокен семиз карагер аты менен тигини жөөлөтүп, чаап жибере тургансып. камчысын көтөрдү.

— Өкмөттүн саясатын түшүнөсүңбү деги? Алдагы чымчыктын башындай болгон башыңда тырмактай мээ барбы? Жок го?.. Болсо минтпес элең. Алдагы тилиңдин азабын бир күнү тартаарсың, шашпа. Айда, кеттик.

— Мокен мырза,бир азга сабыр кыла тур, — Мамбетимин үнүн каргылданта уулуна кайрылды.

— Казыбек балам, отузга жашың — жакындап калды. Ушуга чейин ырдаганыңа уруксат бербей, тизгиниңди жыйып, чанда гана адамга буюрчу өнөрүңдөн өксүтүп жүрдүм балам. Ырдаган думананын кесиби дечүмүн, көрсө чекилик иш кылып, өнөрүңдү баалабай, бекер кылган экемин. Ырдачу болсоң ырдагын, ырдай турган мезгилиң. Эми ырдабаганда элиңе анан качан ырдайсың, ырда балам. Буга чейин жазганып, ийменип жүргөнүңө ыраазымын, ырдай гой.

— Ырдасын, ырдасын, Казыбек ырда, — эл дуулдап жиберди.

Атасынын айткан сөзү, айылдаштарынын колдоосу Казыбектин демине дем кошуп, «атам угуп калса капа болбосун» деп оюн-шооктордо, отуруштарда эшикке киши коюп, сактанып ырдап жүргөн Казыбек колуна комузун алып, өтө бир муңам үн менен көрүп турган, угуп турган ошол жердеги жаш-карынын баарысынын зээнин кейитип, ичиндеги муңзарын төгүп-төгүп жиберди. Азбы-көппү эл катары күткөн мал-мүлкүнөн ажырап, ата-бабасы көрбөгөн, кулак укпаган чет жерге ак жеринен айдалып баратышканын, туулуп-өскөн жерди, ага-тууган элди кайрылып кайта көрөөр-көрбөсү арсар болуп баратканы жөнүндө ырдаганда, ыйлабаган адам калган жок. Бир тууган уялаштай болобу, карындашы Кадый кулундай чыңырып, көз жашын бурчактатып боздоп ыйлап турганын көрүп, жанына ленде чыдап тура алгыс эле. Бузукуларга кошулуп, айыл ичин, эл-журтту бузуп, ак жеринен адамды күйгүзүп, алыс жерге айдаткандарга наараазы болуп, каргап-шилеп жатышты.

Казганактап турган эл айдалып кетип жаткандарды кыя албай алды Нарынга, арты Ат-Башыга чейин узатышты. Барган комиссия малын Ак-Жар колхозуна өткөрүп, үй-мүлкүн, аялуу кийим-кечек, аялдардын сөйкө-шакегине чейинки

буюмдарына чейин базарга сатып жиберди. Ат-Башыдан кайра тарткан айрымдары аркы-беркини сүйлөгөн болуп, маанайы пас, көңүлдөрү суз келатышты.

— Өкмөттө да кээде калыстык жок. Айдаса Мамбетиминди айдатпайбы, Казыбек бечарада эмне күнөө. Ырынан башка бирөөгө залалы жок эле го.

— Ээ кайсы бирин айтасың. Бирөөнү жаман, бирөөнү жакшы деп ылгабаган, бой көтөрбөгөн, жайдары, бирөөнүн көңүлүн калтырып, жаман айтпаган, жөнөкөй айкөл жигит эле го. Адамкерчилигичи чиркиндин.

— Күңгүрөнүп жүргөнүн көп көрдүм Казыкемин, — деди эртеден бери сөзгө кошулбай, четирээкте бастырып келаткан Абыл. Ырдагым эле келет ырдагым, деп көп айтаар эле. Көрсө атасы тыйып койгондо ичиндеги бугун чыгара албай, дайрадай толкундап ташып, ичинен күңгүрөнүп калчу турбайбы. Бир жылы Ак-Сайдын Үч-Кара-Сай деген жерине кийикке чыгып бир кулжа атты. Ошондо кийикке барганыбызды, чогуу жүргөндөрдү сүрөттөп ырдап үйгө келгенче бүтө албай койсо болобу.

— Ээ балдар, — деди келаткандардын улуусу Алымкожо. — Ушул жашка келгени көп жерди көрдүм. Кытайда, Караколдо, Бишкекте болдум, сооданын арты менен Анжиянга чейин барып, Анжияндык, Аркалык көп эле акындарды көрдүм, акыры Казыбектей кыргызда чанда чыгаар, балдар. Анан калса бечаранын билиминдей билим жок эле го, чиркин. Алымкожо бир үшкүрүп алды да Абылга карады:

— Абыл балам, Казыбектин атын токуп, жанында көп эле жүрдүң эле. Казалдарынан анча-мынча үйрөнүп калгандарың бардыр.

— Оо Абыл Казыкемдин казалдарынын көбүн билет, — деп чуулдашты жанында келаткандар. «Ак Калтарды» ырдасын, «Ак Калтарды».

— Казыкем «Ак Калтарын» Оболбектин келини Сайнапнап чыгарса керек эле.

— Өзү, өзү, даана өзү. — Жанындагылар жаалап кетишти.

— Сайнап Нарындык айтылуу Баатай уулу Байгазынын кызы эмеспи. Төркүндөрү да, келген жери да мыкты, өзү да өңдүү-түстүү, акыл-эстүү келин эмеспи. Өз касиети өзүнө буюруп, жаман көздөн кудай сактасын, бечараны.

— Казыкем жөн кишиге да арнап ыр чыгарчу беле. Абылдын жанындагы дулдуйган кара жигит сырдуу жылмайды.

Тартынбай ырдай бер Абыл, өнөрүңдү бир көрсөтчү акелерице.

Абыл бир азга кыйылгансып турду да, буга чейин Казыбек акесинен далай уккан, өзү жерде, өз теңтуштарынын арасында ырдап, азбы, көппү жатыгып калган эме, чымыркапып «Ак Калтарды» баштады...

* * *

Жер которуп айдалып бараткандар жол азабын тартып араба менен бир топ күндө Бишкекке жетишти. Мамбетимин, Богаачы, Казыбектер сый-сыпатынан жазбай, жол азабын билгизбей, өздөрүн калбаат көрсөтүп, бийликтен ыза көрүп, мусаапырлык башка түшүп, жаман жолдо эзилип, кыйноо тартып келаткан катын-калач, бала-бакырага сыр алдырбай жек көрүү сезимин ичтерине сактап, кайраттарынан жазбай, эрдин кесе тиштеп жүрүп олтурушту.

* * *

Аялдар дүрбөп калышты.

— Ырчынын кичүү аялы боюнан козголуптур.

— Бечара жолдо кыйналып калган го.

— Орунбоорго жеткенче эмне гана күндү көрөөр экенбиз.

— Убалыбыз бузуктарга жетсин. Ак жеринен айдалгандай эр өлтүрүп, эриш буздук беле, өлүгүн көрөйүн ошолордун, жүзү кызылдуу, ак элечек кийген салабаттуу байбиче беркини тыйды;

— Кой айланайындар, антчу эмес. Жаман абышкаларыңардын аманчылыгын тилегиле, бала-бакыра эсен болуп, маңдайыбызда болсо, кыйналып-кысталганыбыз, мусапырдай көргөн күнүбүз бир күнчөлүк болбой калаар.

Аңгыча болбой ызы-чуу түшүп калышты. Аялдар ары-бери чуркап, бир аздан кийин ааламдан көчкөн адамды жоктогон өкүрүк тегеректеги тынчтыкты бузуп жиберди. Богаачынын кичүү аялы өшентип ара жолдо төрөттөн каза болду. Ырымын жасап, эркек уулу менен түбөлүк жайына жашырган болушту.

* * *

Жол азабы, көр азабы дегендей айдалгандар көп күн жол жүрүп олтуруп Орунбоорго келишти. Эл-журтуна баш болгон, элдин камын жеп, ысыгына күйүп, суугуна тоңгон залкар кырк төрт манап эки колу байланып, эркинен такыр ажырап,

актоочу заман келээр деп, келечегинен үмүт үзбөй айрымы ак жеринен Орунбоорго айдалып келди. Калктын баарына пайдасы бирдей тийген, кара кылды как жарган калыстыгы менен элине алынган, бактысыздык түрмөштү башынан кечирип, таалайы тайып жатса да сын-сыпатын жоготпой Кетмен-Төбөнүн «бала болуш Байгазысы» келди Орунбоорго.

Кара-Көлдү жердеген, жаш кезинде кабыландай чамынган, заманында сай күлүктүн бири, кайратынан жазбай, карып калган убагында «карыя болуш Кулбаран» келди Орунбоорго.

Келгендердин баарынан жашы, улууга улуудай, кичүүгө кичүүдөй мамиле кылып, көргөн жашоосуна кабагым-кашым дебей кайраттанып, тобокелге салып, жолдошчулукка бекем, кат сабаты жоюлуп, жаңыдан убайын көрүп, элге пайдасы тийеринде Кангелдинин Жусубу келди Орунбоорго.

«Ага-ини, чериктен, ажыратып эриктен, Мамбетимин, Чортекти, бөлүп келди «Чериктен». Бугудан Жумадил, Жумгалдан Жумабай, Кочкордон Ырсалы менен Калый, дегн койчу, кыргыздан баш көтөргөндүн баары келди Орунбоорго.

Мурда алыскы жолго чыкпаган, чет элде, чет жерде болбогон от арабага түшүп көрбөгөн абышка, кемпир, чал азапты аябай тартышты. Булактын мөлтүр кашка тунук суусунан ичип, Ала-Тоонун жан сергиткен абасынан дем алып, жашыл төрлөрдү жайлап, ээн отуруп, ээн басып ээн турган «ит дүйнөгө алданып, отун албай мал багып, оокат кылбай жан багып, ат токунуп мингенден арданган» бечаралар «кара жаны кыйналып, карып болуп ушинтип, сөөгүндө кетпес так калды», тозокко түшкөндөн артык болушту.

Аксак-тексек, кары-картаңдар кайсы бийликке каршы чыгып, кайсы өкмөттү көңтөрүп жиберет эле, — деп зээни кейинген Казыбек алардын кебете-кешпирин көрүп, муңканып, ырга салды. Сүргүнгө келген алтымыштай үй-бүлө көрүнгөн орус, ногойдун батирлерине туруп, өлбөстүн күнүн көрүп жашап жатышты.

* * *

Келгендерине жыл маалына жакындап калды. Казыбек Ат-Башы, Нарындагыдай ээн-эркин жүрө албай, баягыдай теңтуштары менен шаңкылдап ойноп-күлө албай, эл-жеринен безип, бөлөк эл, бөлөк жерде кадырын билген киши жок, айдалып кеткендерге табаасы канып, көңүлдөрү жайланып жаткан кекенген душмандарын ойлоп, акыйкатсыз карма-

лып, алыска келип айдалып, жатса жамбашы талып, кандай күнгө түш келдим, карчыга куштай теминип элге кайтаар күн келээр бекен деп уйкудан калып, санаага берилип, далай таңды аткарды.

— Туугандан айланса болот, кат таанабаса же жол билбесе, баарына кайыл болуп келген Ыбрайымга ыракмат, — дешип артынан издеп барган Ыбрайым менен кучакташып, көрүшүп, сүргүнгө айдалган бечаралар элди-жерди көргөнсүп, тирүүлүктөн, жашоодон үмүт кылып, каниет алып калышты. Өзгөчө Ажар байбиче жетине албай кубанып, «сөөгүм бөтөн жерде калбасын, Ат-Башыга аман-соо кетире көргүлө, түшүм жаман, түшүмөн чочуйм», — деп кан-какшап жатып, тууган жердин топурагы тарттыбы, кайниси Ыбрайымга кошулуп Ат-Башыга жол тартмай болду.

Аласы Ажарды жөнөтүп жатып, аны менен түбөлүккө коштошуп жатканын сезгендей ою онго, санаасы санга бөлүнүп, сөзү менен айталгыс ичиндеги кайгы-муңду ырга айландырып, уккан адамдын сай-сөөгүн сыздатып, көргөн адамдын жүрөгүн оорутуп, казалын айтып жатты:

«Элим деп мынча дегдейсиң, Алтыке, элиңе эсен жете көр, эрте кеч бизди эстейсиң, ажал жетип күн бүтсө эмчек берип чоңойткон, Алтыке, эмгегиңден кече көр. Айлым деп мынча дегдейсиң, айлыңа аман барган соң, ар убак бизди эстейсиң, ажал жетип күн бүтсө, Алтыке, ак сүтүңдөн кече көр. Кайрылып барсаң калкыма капаста шордуу жатат де. Өлбөгөн жүрөк сокконсуп, өмүрдүн тузун татат де.

Алланын салган ишине акыры пенде көнөөрбүз, аман калсак бул чырдан ага-ини жүзүн көрөөрбүз. Энеден эрке туулбай эмгек менен көз ачтык, кыя тартып бирөөгө кылып көрбөй биз кастык. Билген адам түшүнөөр, биз кудайга не жаздык?

Асыл ырчы болду деп айып көрбө калайык, акылды турмуш кысканда айтууга болду ылайык. Алдымда кетип апакем ак сүтүнөн кечээрби? Ордунан чыгып тилегим ойлогон ойду чечемби? Алыста жүргөн уулуңдан акыркы ушул өтүнүч, айдоодо көзүм жумулса акыңыздан кечиңиз.

Уулунун айткан казалы бечара кемпирдин көптөн берки дартын козгоп, көзүнөн буурчактап аккан жашы бет бырышы ылдый куюлуп, жоолугу жазылып желкесине түшүп, чачтары саксайып, кудайдан жалгыз уулунун өмүрүн зар какшап тилеп жатты. Мындан көп жыл мурдагы бир окуя көз алдына элес- булас тартылды. Анда Мамбетиминдер жай-

лоодо. Ажар жетинчи кызын төрөп, дүнүйөсү түгөл болуп, бакытка балкып, энелик мээрими менен жаңыдан дүйнөгө келген наристени оозантып отурса, жакын кайниси боз үйдүн жанынан күңкүлдөп өттү дейт: — Жылыга эле кыз туулйт, бу жеңемдин ичине кыз толуп кеткен го.

Бул сөздү уккан Ажар ызасына чыдабай далайга ыйлап, күн сайын кудайга миң мертебе жалынып, барбаган мазары кылбаган аракети калбай жүрүп, теңирге үнү жеткенби, зарлап жүрүп тапкан Казыбеги минтип чет жерде калып жатса, эртеңки күнү аман-эсен жүз көрүшөбү же жокпу, анысы арсар болсо, бечара кемпир боздобой кое турган жорукпу! Башка сөз оозуна келбей, ээгин кемшеңдетти: айланайын уулум, кечтим ак сүтүмдү, кечтим...

* * *

Жатындаштай болобу, карындашы Кадыйды басса-турса эстеп, кусалыгы артты. Санаасы чыдабай колуна калем, кагаз алып, Казыбек карындашы Кадыйга ыр менен кат жазды:

Кадыке!

Алды артымды карасам, айланамын баары темир тор.

Алладан буйрук болуп, жол берсе эртеби-кечпи калкыма эсен кайтармын. Ата-энеден жалгыз төрөлүп, жаркыным Кадыл садага, сен жанымда болсоң, жалгыздыгым билинбей калчу эле. Кечээ эле кула күлүктү минип, күлүп ойноп куунаган, калк ичинде курбунун катарында дуулдаган агаң бүгүн кайда жүрүп, эмне гана күндү көрүп жүрөт дейсиң. Эртели-кеч өзүңдү эстеп, эл-журттан кабар алып, эсенчилигиңди билгенде эзилип ичтен кубанам. Айланайын уялашым Кадыке. Кадыкем деп жалынып, атакең да зарланып, Ат-Башысы көздөн учуп, салам айтты сага. Биз үчүн капа болуп, кайгы тартпа, биз үчүн убайым жебе, айдалып бизден кетти деп жер тиктеп, арданба. Тагдырга жазганды көтөрбөскө чара жок, же минтип жүргөн биз эле экенбиз, же жамандыгыбыздан ушул тагдырга туш келиптирбизби. Апаңды жакшы бак. Энени баладан айыргылык кылбасын, көп зарланып, көп капаланганда не, алланын башка салганын көрөбүз да. Ээликтирип күлүктү минээр күндөр болоор, эл ичинде эркелеп жүрөөр күндөр болоор, күйүттүү күндөн ажырап күлөөр күндөр болоор, аралап элдин абалын билээр күндөр болоор. Улуу-кичүү баарыңар, урматы артык карылар, көрүшкөнчө аман

бол, көргөн-билген баарыңар. Кат жазуучу Казыбек карып-тар болду бооруңар, кадыр, алла буюрса кайтарга жолу табылар.

* * *

Элге жетип өлсөм арман жок, — деп тиленген бечара кемпирдин тилеги кабыл келип, үч айдан кийин келгис сапарга аттанып кете берди. Туугандары керезин орундатып, сөөгүн Орто-Колоттун оозуна коюшту. Орунборго Боогачыга кат жазып, кабарын билдиришти. Аксакал, көксакалдар Казыбекке энесин угузганда кара чечекей жалгыз баласы болуп туруп жанында болбогонго, ырасмисин жасап, кастарлап, сый-урмат менен көмө албаганга, өзү мусапыр болуп чет жерде жүргөнгө зээни кейип, күчүн калем менен кагазга чыгарды:

Ак кагазга кат жазып, калем алдым колума, кайран энем кетиптир кайрылбас сапар жолуна. Көк кагазга кат жазып, калем алдым колума, каухар бир энем кетиптир көрүнбөс сапар жолуна.

Алтыке-ай,
айлым деп жүрдүң дамамат, айлыңа бардың саламат.
Батма, Зухра, Калыйча
Алтыке-ай, ошого жаның аманат.

* * *

Ал жерге сүргүнгө баргандардын ичинен Казыбектин ырын барктаган, өзүн сыйлап-урматтаган бир тобу колдорун коюп, борборго арыз жиберишти. Аз өттүбү, көп өттүбү Казыбек бошонуп чыкты. Жөнөөрдөн бир күн мурун базардан куйругу кучак кой алып келип союп, аксакал-көксакалдардын баарын чакырып келип, таң атканча жаагын жанып, безилдеп сайрап, эл-жерге болгон сүйүүсүн комуздун мукам үнүнө кошуп, анысын ыр менен айкалыштырып, булбулдай безеленип жатты. Анын ырына арбалган жаш-кары, тууган жери көз алдыга тартылып, кумары артып, кусалыгы ташып, таң атканча тажабай угуп олтурушту. Эл-жерден алыс, киндик каны тамган жерди бир көрүүгө зар болгон сүргүндө жүргөн бечараларга анын ырлары демөөр болуп, баарына кайрат, күч-кубат берип, эл-жерди барып көргөндөй каниет кылып, бир кумардан чыгарып койду.

Казыбектин өнөрүн баалаган Боогачы карыя колун жайып бата кылды:

— Казыбек балам, ырчынын тунугусуң, ак калпак элдин булбулусуң, элибиздин таалайына жаралып калган жаш экенсиң, эми сенин алдыңа чыгып ырдай турган акын жок, ырчылыкты сага бердим. Ак жолуң ачылсын, оомийин. Отурган эл чуркурап, Боогачынын батасына кошулушту.

— Оомийин, ак жолуң ачылсын.

Эртеси эле от арабага түшүп, элге кайта турган болушту. Сүргүнгө барган алтымыш түтүн элдин жаш-карысы дебей Казыбекти ызааттап, Чынгыш ажы, Чоконун Казысы, Боогачы, Самудүн баш болгон аттуу-баштуу адамдар узатууга келишти.

Далайды баштан өткөргөн, жакшылык, жамандыкты көп көргөн Мамбетимин канчалык салмактуу болсо дагы, өзүн коерго жер таппай, бир орунга токтоп тура албай, чапжаагы ого бетер шимилип кеткендей, дайыма нурданып турчу жүзү кумсарып, жалгыз баласынан түбөлүккө ажырашып, экинчи көрүшпөсүн сезгендей ичи туз куйгандай ачышып, ата менен баланы эрксизден айырган өкмөткө ичинен нааразы болуп, ызырынып, анысын сыртка чыгарбай каңырыгы түтөп, бөлөк эл, бөлөк жерде заманасы куурулуп турду.

Колдон сууруулуп, «атакелеп» чучуктай чыңырган небереси Таажыгүлдүн бети-башынан өөп, мойнунан куркурата жыттап, көз кычыгына пайда болгон жашты тегерегиндеги тургандарга билгизбей акырын аарчыды.

— Айланайын, айланайын, аман боло көр, кудай сенин өмүрүңдү узун кылып, бөөдө кайгы кырсыктан сактаса экен.

Мамбетимин жаны бирге небересине жалынып жатты. Эл-журтка кетип баратканына бир чети делебеси козголуп сүйүнгөн Казыбек, атасынын абалын сезип, дүйнөдөгү эң кымбат нерсесин калтырып бараткандай, дүнүйө эңшерилип, аалам астын-үстүн болгондой, ичи уйгу-туйгу жалын чок болуп, өзүн күнөкөрдөй сезип, жөнөтүп жаткан көпчүлүккө сыр бербей, баары менен жаркылдап коштошуп, от арабанын тепкичине чыкты.

Ата-баланын, ортосундагы неберенин бири-бирине болгон ысык сүйүүсүн, абалын түшүнгөн ошол жердеги кемпирлер кемшеңдеп ыйлап, абышкалар көздөрүнөн аккан жашын сакалдарынан ылдый куюлтуп, от араба узап кеткенче шалдайып, үнсүз-сөзсүз далайга томсоруп турушту.

* * *

Жайдын толуп турган убагы.

Белек, Ыбрайым, Моке баштаган он чакты атчан, ортосунда Казыбек, жанында Таажыгүлдү өңөргөн Зуурабүбү. Баарынын тең көңүлдөрү ачык. Айдоодон келатканда кучак жайып тосуп алган ага тууган, эл-журтуна, жоро-жолдошторуна сыймыктанып, аларга чексиз ыраазы болуп, төбөсү көккө жетип, Казыбек анда-санда Зуурабүбүнү сүйкүмдүү карайт.

Туулган жерге куса болгон Казыбек шаңкылдап ырдап келе жатты. Ырында туулган жердин адырдагы ыргалган туланын, терлерге чыккан түркүн чөбүн, аскадагы аркар-кулжасын, асмандагы куштарын, аркырап аккан кашка суусун, кылымдардан бери келаткан кыргыз салтын, чыңыртып кулун, бээ байлаганын, абасынын тазалыгын, суусунун тунугун, деги койчу кыргыз жеринин кудай кут кылган берекесин, сансыз байлыгын түн түшүнөн, өңүндө көз алдынан кетпей жүргөнүн төкпөй-чачпай айтып, жаагын жанып келе берди.

Талды-Суудагы агасы Белектикине келип түшүштү. Байбичелер суу куйган чөйчөктөрүн көтөрүп, келгендердин башынан тегеретип чачып, ырымдап жатышты.

— Кырсыгыңар ушу менен чыгып кетсин, кагылайындар. Илешкен, жармашкан, жаман-жумандын баары ылайым суу ылдый аксын.

Тегерек четтеги айылдагылардан аттуу-жөөлүү болуп Казыбекке учурашабыз деп үч күн бою тынбай келип, Белектин үйүнүн тегереги азан-казан элге толуп, улуу казалчынын ырларын угуп, сагынычтары жазылып, кумардан чыгып кетип жатышты.

* * *

Көп өтпөй Ак-Талаадан ат жетелеп Камчыбек келди. Отуруп, чай ичилип, ал-жай сурашкандан кийин сөздү баштады:

— Жоламан акем жиберди. Сизди Зуурабүбү эжем менен келип эс алып кетишсин дейт. Ары ойлоп, бери ойлоп Казыбек келинчеги менен акылдашып, кайнагасынын сөзүн эки дебей, Талаа-Булактагы кайындарына жөнөп калышты. Мурда келип-кетип, бала-бакыра менен тааныш болуп, алыш-бериш жасап калган Казыбекти өз баласындай кабыл алышып, айыл-ападагы оюн-зоок, тамаша Казыбексиз өтпөй, жаңы жоро-жолдош күтүп, алыс-жакын дебей өз кишидей болуп калды. Жаш болсо да өйдө-төмөнкү, жаман-жакшыны

айра таанып калган Казыбек улуу-кичүүнүн көңүлүн ооругпай, жаш келин-кыздардын, солкулдаган жигиттердин ийин жандырбай, алардын оюнан чыкпай, мурдагыдан да ырына ыр кошулуп, өнөрү өркүндөп, чеберчилиги күн сайын артып, обон созуп ырдаса адамдын делебесин козгоп, дүнүйөсүнө бүлүк салып жиберээр эле. Убактысы болгондо өзү курлуу жигиттерди ээрчитип, Орунбордо жүргөндө «айланып күрөөр күнүм бар бекен» — деп эки көзү төрт болуп, зарлап, ырдап жүргөн жаны, табиятынан шыктуу кургур кусалыгын жазып, жайлоолоп, суу жээктеп, кээде мергенчиликке барып, кумардан чыгып, ээн-эркин бейкапар жүрө берди. Кайындары, таякелери, айыл-ападагы жакшы санаалаштары мал топтоп, ат мингизип, үй көтөрүп тигип берди.

* * *

Казыбектин үйү учурашабыз деп келгендерге толгон. Аңгыча эшиктеги балдар дүрбөп калышты. Молдобасан акемдер келатат, жанында дагы бир чоочун киши бар.

Аттарын алып, үйгө кир дегиле, үйгө кирсин. Отургандар дүрбөп, орундарынан ыргып туруп, келгендерге ызаат көрсөтүп, орун берип төргө өткөрүштү. Ал-жайды сурашкандан кийин Молдобасан сөз баштады:

— Казыке, эр-жигиттин башынан нелер келип, нелер өтпөйт. Азбы, көппү, чет жерде жүрүп келдиң. Ишиң ак экен, минтип эли-журтуңа аман-эсен кошулуп олтурасың. Эми эмне кылайын деген оюң бар?

— Молдоке, Калык акем экөөңүздөр келип, башымды куттуктап, ал-жайымды сурап келгениңиздерге төбөм көккө жетип олтурат. Сиздерге ыраазымын. Кайындарга, эл-журтка ыракмат, минтип үй көтөрүп, бирин-эки мал топтоп дегендей. Шартым келсе мындан ары бала окутуп, атамдын ишин улантсам деген оюм бар.

— Казыке, — деди төрдө олтурган кара мурутчан олбурлуу киши. Биз сага Молдобасан акең экөөбүз дагы бир максат менен келип олтурабыз. Жакшы атанын баласы, тектүү жердин тукумусуң. «Атанын уулу азарында бакшы болот» деп Макем убагында тизгиниңди жыйнап, эл арасында ырдатпай келди. Сеникиндей кудай берген өнөрдү бекерден бекер тумчуктурбай, эл арасына эркин чыгарса, эл араласа, журт араласа деп келип олтурабыз. Сенин мукам үнүңдү, айтылуу казалдарыңды Ак-Талаа, Ат-Башынын эле эли укпай, атпай кыргыз журту бүт укса деген тилегибиз бар,

— Калык аке. Сиздердин оюңуздарды жакшы түшүндүм. Өз балаңардай көрүп, менин камымды жеп, келип кеп-кеңешиңерди айтып жатканыңарга эмне дээримди билбей, оозуман сөзүм ыргып олтурат. Өзүңүздөргө маалым белиме бел болгон, аскар тоодой атам жезиттин калаасында кармалып, өлүү-тирүүсү билинбей ал жакта. Кайрылып быйыл келет деп кабарын эшиттим. Эртеңки көргөн күнү не болот, жазуу-буйрукта маңдайына нени жазды. Ошондон оюм ордунда болбой, санаам бөлүндү.

— Казыке, —деди Молдобасан сөз төркүнүн түшүнүп, багытын башкача буруп. — Жер караганча, жол караган жакшы деген кеп бар. Ата-эне баланы кудайдан ушул үчүн тилейт. Кудай тузнасип буюрса, Макем да келип калгысы бардыр.

Казыбек Калык менен Молдобасанга арнап козу сойдуруп, өзүнчө казан астырып, меймандап сыйлап, эртеси аткарып жиберди.

Ичине таруу айланбаган ичи тар, көрө албастар, анын өнөрүнө, анын кең пейил, залкарлыгына, тескери кыйшыңкуйшуң жолго барбаган төптүгүнө, эл-журт көргөзгөн урматсыйына өлүп тирилип ичтери күйүп, жүзү каралык менен жалаа жаап отуруп, башын куттуктап таякелери мингизген карагер атты шылтоо кылып, көптөн бери өчөгүшүп жүргөн Калдарбектин уулу баш болгон көрө албастар алты ай түрмө кестирип, ак ийилип сынбагандай Казыбек үч ай дегенде кутулуп келди.

Түрмөдөн келгенден кийин көңүлү чөгүңкү, кабагы ачылбай эс тартканы мергенчиликке көп чыгып, мылтык атып, куш салып, илбесин кармап өскөн, өнөрүнө өнөр, ышкысына ышкы, шыгына шык кошкон, табият кооздукту, байлыкты, сулуулукту чексиз берген, аскасына бүркүт уялаган Чет Келтебиктеги туулган жери көз алдынан кетпей, барып келген сайын ого бетер кусалыгы артып, Орунбордо калган атасы оюна түшүп, ичтеги бугуп жаткан кайгы-мунду сыртка чыгарбай, кайындарына сыр алдырбай ичинен түтөп жүрдү. Казыбектин ичтен кыйналып, азап чегип жүргөнүн ургаачылык сезим менен байкаган Зуурабүбү бир күнү кеп салды:

— Казыке, Келтебикке барып келгенден бери көңүлүң суз. Жаркылдап-жайнап турууучу баягы мүнөзүң жок. Балдарга да баягыдай эт-бетиңен кетип, үзүлүп-түшпөй сузсуң. Деги ага-тууган, эл-журт аман-эсен, тынччылык бекен, бай болгур.

— Зукай, мен сенин төркүндөрүңдү жаман деп айтпайм. «Бирөөнүн элинде султан болгуча өз элиңде ултан бол» — деген кеп бар эмеспи. Киндик кан тамган, бала кезде жыланайлак жүгүрүп, тай торпок минип, балдар менен ойногон жерлерди көрүп, анан атам оюма түшүп, көңүлүм чөкчү болду. Баягы Дүйшөмбү уулу Өскөнаалынын Абылы жолугуп: Казыбек аке, ушинтип эле бөлөк эл, бөлөк жерде жүрө бересизби, биз сиздин ырыңызды, сөзүңүздү, жоругуңузду сагындык. Келсеңиз Калкагарга кийикке барып, бир кумардан чыкпайт белек. Бир күн болсо да элиңизде жүргөнүңүз бизге чоң демөөр эмес беле, — деп түгөнгөн бала зээнимди кейитпедиби. Күңк-мыңк деп ачык бирдеме деп айталбай, жаш болсо да баладан ийменип, күнөкөр кишидей бастырып кеттим.

Колуна комузун алып, туулган жеринин көркүн ырга кошуп, көптөн бери ичинде сакталып келген кусалыгын сыртка чыгарып, ырды жамгырдай төгүп жиберди.

Казыке, — деди Зуурабүбү жубайынын көңүлүн улап, муңканган обону анын муун-жүүнүн бошотуп. Өзүң эле бил. Элге кетели десең элге кетели, жок бул жерге туралы десең бул жерге туралы. Өзүңө эле ылайык келген ишиңди жаса. Мен сенден чыкмак белем.

Казыбектердин кетээрин баамдаган Жоламан кеч куруп энеси экөө ээндетип Зуурабүбүгө кеп чыгарды: — Зурраш, эмне Ат-Башыга көчсөк деп жатасыңарбы? Элдин айтымында ал жак деле тынчыбай жатса керек. Жашаялмет болуп калдыңар, эл тынчыганча көчпөй кое турсаңар дедим эле.

Зуурабүбү эмне деп жооп берерин билбей бир азга унчукпай отуруп калды. Ак-Талаада деле эл тынчыбай, өйдө-төмөн болуп, биринин үстүнөн бири айгак чыгып, айрымдары кесилип, агасы Жоламандын мойнуна эгин түшүп, ага-тууганы менен эптеп төгүп берип, ошентсе да так кесе кутула албай башында иш турганын ойлоп, оюна ар кандай жамандыктар келип, ыйлап жиберди.

— Аке, жаман айтпай жакшы жок, бир күнү милийса келип сизди айдап жөнөсө, апам, жеңем чыркырап ыйлап, үч кыз бототой боздоп турса, кантип чыдап, кантип көрүп турам. Андан көрө силердин жамандыгыңарды көрбөй кетип калганыбыз оң.

— Мейлиң Зурраш, мейлиң. Жоломандын да зээни кейип, көз кычыктарына пайда боло калган жашты энеси менен карындашына көргөзбөй, ордунан туруп кетти.

Зуурабүбү Ат-Башыга көчкөнүнө өмүр бою өкүнүп, өксөп жүрүп өтөөрүнө, ар бир кадам сайын адам көтөргүс кырсыктарга, кайгы-капа, муң-зарга кабылаарын, чоң жоготууларга учураарын сезген жок. Киийн жок дегенде бир ай кетпей тура турсак эмне. Кытайга да качпай, Казыбегим кашымда, балдарым маңдайымда болоор беле, — деп Зуурабүбү карып-арыганча зар какшап жүрдү.

Акыры эрди-катын бир чечимге келип, Ат-Башыга көчмөк болушту. Эртеси бир коюн союп, айылдагы сакалдуу — көкүлдүүнү чакырып, Казыбек сөз баштады:

— Айланайын, аксакалдар. Бул жерде айылдын сакалдуу-көкүлдүүсү отурасыздар. Бөлөксүнтүп көңүлүмдү оорутуп, чеки сөз сүйлөгөн жоксуздар. Элиңерден, жериңерден айланайын, силерден агарып, көгөрүп, башыма баш кошулду. Тентип, тербип келгенде үстүмө үй көтөрүп, астыма ат тартып, короомду койго толтурдуңар. Сиздер туура көрсөңүздөр эл-журтка кетсек деген оюм бар.

— Казыбек балам, — деди төрдө отурган бакжайган ак сакалчан карыя.

— Сени биз өгөйлөбөйбүз. Өз балабыздан кем көрбөйбүз. Адамгерчилигиңдин мыктысынан, өнөрүңдүн артыкчылыгынан, шайырлыгыңдан, адамдын көңүлүн оорутпаган айкөлдүгүңдөн, дүнүйө-мүлккө карабаган жоомарттыгыңдан, жүрүм-турумуңдан эл менен эл болуп калдың эле. Айылдагы той-тамаша сенсиз өтпөй, ыр ырдап, оюн-зоок куруп, жашкары дебей черибизди жазып кумардан чыгарчу элең. «Эл сагынбас эр болбос» деген ошол. Элиме кетсем деген экенсиң. Канчалык кабыргабыз кайышып турса дагы кал деп айтканга болбостурсуң. Айта турган сөзүм Ат-Башынын эли арыбери удургуп, тынчый албай турган кези. Бир аз аярлай турсабы деген эле кеп, балам.

— Аныңыз деле туура, ата. Бирок туугандарымын тилинен чыга ала турган эмесмин. Силерди да кыя албай турамын.

— Ракмат, Казыбек балам. Эл ичиндеги тентек балдардын бир аз кылыгына таарынып, ичиңе кек сактаба. Андай кумалактар ар бир эле элде, ар бир эле жерде боло берет. Ылайым сеникиндей кең пейил, чыгаан өнөрлүү, мыкты жигиттер элибизде көбөйө берсин. Өркөнүң өсүп, үй-бүлөң менен эли-журтуңа аман-эсен кошул, оомийин.

— Үйдө отурган сакалдуу-көкүлдүү дуулдап, төрдө отурган аксакал карыяга кошулуп бата беришти.

* *

Казыбектин үйү жаш жигиттерге, келин-кыздарга толгон. Кечкурун айылдын жаштары Казыбекти узатууга чогулуп келишип, ар ким алына жараша ыр ырдап, күү чертип, тамаша сөздөн айтып, мында калган жакшы санаалаштарын кыйып кете албай кыйналып турган Казыбек менен Зуурабүбүнүн көңүлүн көтөрүүгө аракет кылып жатышты. Мырзабектин Асанбайы «Жароокерди», Теректик Сарыгул «Ак Суусарды» ырдап, отурушка көрк кошушту. Арасында Муса да бар. Ордуна жөн отура албай, обдула калып, кайра отура калып, оюндагы бир нерсесин айта албай жатканын байкадыбы Казыбек улагада отурган Сарыга кайрылды:

— Жээренче акемин уулу, эмне эле ойдолоп, ордуңа отура албай калгансың.

Кулагына чейин кызарган Сары аптыгып жатып оюн түшүндүрдү:

— Батма жеңем сизди дагы бир жолу ырдап койсо, — дейт.

— Анын эмнесинен уяласың, оо жолуң болгур, кысылып, кымтынбай бая эле айтпайсыңбы, келе комузду.

Казыбек комузун алып, күүлөп ырын баштады:

Ак талды көрсөң кыйбай жүр,
Айлында жүрсөм сыйлай жүр.
Айлындан алыс мен кетсем,
Атымды айтып ырдай жүр.

Боз үйдүн ичи чымын учса угулгудай мемиреп, баары тең Казыбектин мукам үнүнө кулак төшөп, башка бир укмуш сыйкырлуу дүйнөгө кабылгансып, ар биринин ою алда кайда закымдап кетти. Келиндердин ортосунда отурган Батманын кара тору өңү тамылжып, кызылы кызыл, агы ак болуп, мурдагыдан да нур жанып, көзгө өзгөчө сулуу, сүйкүмдүү көрүнүп, аппак жоолукту чекесине түшүрө салынып, анда-санда көз кыйыгы менен бир башкача укмуш көз караш менен Казыбекти карап, дүнүйөсү түгөл, бул ааламда андан бактылуу адам жоктой балкып олтурду.

Казыбектин бул ыры отургандарга өзгөчө таасир калтырды. Казыбек да мурда болуп көрбөгөндөй обон созуп, ырдын ар бир кайрыгы адамдын ички дүйнөсүн козгоп, экинчи кайрылып жүз көрүшпөсүн жүрөгү сезгендей бирде муңка-

нын чыкса, бирде жаштыктын кайрылып келбес эң бир бактылуу учурларын көз алдыга келтирип, адамга канат бүткөрүп, бул тирүүлүктө адамдын жанын кейиткен турмуш запкысын бир минут болсо да унуткарып, келечек жашоого болгон кумарын арттырып жатты.

* * *

Казыбектер Ат-Башыга көчүп баргандан кийин ошол өрөөндүн билерманы Жаанбай уулу Абдылда чакыртып жиберген экен, көп күттүрбөй, үйүнө салам айтып кирип барды. Абдылда байбичеси экөө отурган экен, колун төр жакка жаңсады:

— Төргө өт баатыр, төргө өт.

Казыбек салам айткан соң, ыйбаа кылып төргө өтпөстөн Абдылданын маңдайы жактагы капшытка көчүк басты.

— Кандай балам. Аман-эсен келдиңби? Бала-бакыраң эсенчиликтеби?

— Жакшы, болуш аке, кудай деп турабыз.

Абдылда аркы-беркини, күндөлүк жашоо, көр-тирликти айтып келип, сөзүн мындай деп улантты:

— Казыбек баатыр, замандын ойкуп-кайкып, төө өркөчтөнүп турганын көрүп турасың. Бечара эл удургуп, кимден жардам болоорун, кимден запкы жээрин жакшы билбей ар кимдин көзүн карап, оозун тиктеп, эртеңки күнү эмне болоору на көз жетпей, бир чечимге келе албай олку-солку болуп турган кези. Бул өкмөт эл башкарган, элдин камын жеген бирин-эки жакшыларын элден бөлүп, жерден айдап, алыстатып салды. Кымындай күнөөң жок, казалыңдан башка бирөөгө залалың жок, ак жеринен айдалып, чет жердин, бөтөн элдин тузун татып, даамын сызып, сен келдиң. Эми эмне кылайын деген оюң бар.

— Болуш аке, бизде не ой болсун. Эл аман болсо, эл ичинде биз аман болсок, көпчүлүк көргөн күндү көрсөк деген эле ой.

— Балам, сени өйдө-төмөндү байкагандай болуп калды, жакшы атанын баласы эле, акылдашайын деп чакырган элем. Бул өкмөттүн кейпи бузук, келечеги бүдөмүк, түбөлүгү түз болчудай эмес. Акысы өтүп кеткенсип, ата-бабабыздан бери келаткан ак малыбызды зордуктап колхозго алды. Кыргыздын баш көтөргөнүн улам четинен көзүн тазалап олтуруп, акыры ээсиз, баш-көзсүз калтырат да, койдой айдап, малдай

пайдаланып, ой келгениндей башкарганы турат. Буга кандай дейсиң?

Мындай сунушту мурда күтпөгөн, оюна да келбеген Казыбек эмне деп жооп айтаарын билбей, түркүн ойго түшүп кетти.

— Ойлоно турган иш экен, болуш аке. Тигиндей-мындай деп шар жооп бериш мага кыйыныраак болуп турат. Убакыт бериңиз.

— Ойлон балам, ойлон. Кыска ойлонуп, кийин оозуңду кармабагыдай бол. Жалгыз башты ким болсо да калкалап, жалгыз курсакты мал болсо да тойгузат. Эл-журтту ушундай кара туман каптаганы турганда, алдыда жакындап келаткан коогаландан эл-журтту сактап калганга өзүнө окшогон акылы тунук, билегинде каруусу, жүрөгүндө оту, анча-мынча болсо да билими бар жигиттер аракет кылбаса, көпчүлүк эл толкунда калган калагы жок кайыктай толкуй бербейби.

Сөз ушуну менен бүтүп, Казыбек аттанып үйүнө келди.

* * *

Эртең менен кетип, кечке чейин болуп Шалбаадан кайткан Казыбек көңүлү суз атынан түштү. Алдынан утурлай чыккан Зуурабүбү Казыбектин кабагын көрүп суроо салды:

— Жатактагылар жакшы жатышыптырбы, эл ичи тынч бекен деги?

— Жакшысы курусун. Абал жакшы эмес. Кызыл Акун баш болгон Токо, Шекелер, Ак-Бейиттеги чек аранын ачендигин Шырыктыга чакырып келип, бир солдаты менен өлтүрүп коюшуптур. Ат-Башы дагы тынч болбой, эл кулак түрүп, алда нени күткөндөй кооптонушуп, удургуп турган кези дейт. Бекерден бекер эл башына кыйынчылык түшкөнү турат окшойт.

— Көп көргөндү көрөөрбүз, Казыке. Ага эмне кейигидей, ачка болгондурсуң тамак ич.

— Ээ Зукай, кейибей турган жорукпу. Абал ушундай болсо элдин эртеңки күнү эмне болот? Тамак ичмек түгүл, оюм ордумда болбой, жүрөгүм түпөйүл болуп турат.

* * *

1931-жыл. Кулжа айынын он бири. Чет-Келтебиктин ичи. Мал жайыттан келээр маалда кокту ичи ызы-чуу түшүп калды. Аттарына, төөлөрүнө жүгүн арткан качкындардын алды кокту өйдө чыгып, Казыбектин конушуна жете келишти. Ит-

тин абалап үргөнүнөн, катын-калачтын ызы-чуусунан, жайлоодогулар үйлөрүнөн атын чыгышты. Өң-аалаттан кетип, коркуп алган бала-бакыраны көрүп, Казыбек иштин оңбой калганын түшүндү.

— Казыке, иш чатак. Ат-Башыдан куугун чыкты дейт. Бала-бакыраны эптеп аман алып калсак деп көчө качтык.

Көчтүн астындагы кызыл жүздүү, кара сакал киши терге чыланып, демиккен атынын тизгинин тартып, тура калды. Саламга да түзүк келбей, болгон окуяны оңдуу айтып бере албай, артын кылчак-кылчак карап алды да, жанындагыларды шаштырып, жөнөй берди.

Казыбек окуянын эмне болгонун жүрөгү менен баамдап, эртеңки күнкү эл башына түшө турган мүшкүлдү жүрөгү сезип, далдырай туруп калды. Качкындардын оң-аалаттан кеткен, коркуп-үрккөн кебетесин көргөн айылдагылар дүрбөлөңгө түшүп, бала-бакыра түш келди чуркап, ат, унааларын издеп, сабыры жоктор үйлөрүн чечип жиберишти.

Асылган казан асылган боюнча, жайыттагы мал жайыттагы боюнча калды. Колундагы унаага бирин-эки оокатын жүктөп, колго тийген малын айдап, Казыбектин туугандары түнү менен көчүп, качкындарга кошулушту. Мурда запкы жеп калган Казыбек да көпчүлүктүн ыгынан чыга алган жок.

* * *

Арпа аркылуу качкан качкындарды аскерлер чек арадан кууп жетти. Алдын тороп токтотууга аракет кылганына карабай коркуп үрккөн качкындар мылтыктан ок жаадырганына карабай өлгөнү өлүп, өлгөндөн калганы жан айласы кылып, чек арадан өтүп кетишти. Ар кайсы жерде томпоюп, бейкүнөө өлүп жаткан бала, жаш келин-кыздар, солкулдаган жаш жигиттер, кемпир-чалдар. Адамдын этине тойгон кузгун, жорулар майпаңдап араң басып, оозу-башын кызыл ала кан кылып, бөрү, түлкүгө той түштү. Ата-энесин жоктоп наристелер чыркырап ыйлап, кармаган тутунган жалгызынан ажырап, ботодой боздогон кемпир, чалдар акыл эстен ажырап, сенделип Кытай жерин бет алып кетип баратышты. Чек арадан өткөндөн кийин аман калган айыл жакшылары элди чогултуп, өлүү-тирүүлөрүн тактап, өлгөндөргө куран окутуп, Айыктынын өзөнүнүн өйүз-бүйүзүнө үйлөрүн тигип, бир нече күнгө өргүп туруп калышты. Аскер келет деген ою жок, бейкапар уйкуда жаткан эл таңга маал бүлүк түшүп, ызы-чуу болуп калды. Чек ара аскерлери кытай чек арасынан өтүп,

качкындар жайланышкан жердин түш тарабынан торой, мылтыктарынан окту мөндүрдөй жаадырышты. Мурда мындай алааматты башынан өткөрбөгөн момун эл, бала-бакыра чуркурашып, ташка тийип, зуулдап учкан октон коркуп, качаарга жер, кирээрге ийин таба албай көздөрүнөн жаш агып, буркурап ыйлашып, бири-бирине караганга шайы келбей түш келди дыркырап качып жүрүштү.

Ажалдуусу окко учуп, казасы жеткен бечаралардын каны суудай төгүлдү.

Ажалы жок алдуу азаматтар тоо-ташка жашынып, мылтык көтөрүп, ок чыгарып, каршылык көрсөткөнгө жарабаган момун бечаралар кутулуп кетишкенине кудайга миң мертебе тобо кылганга араң кудурети жетишти. Жети жашар Өмүргазысын калкалайм деп Калыгул абышка уулу менен окко учту. Аларды көрүп, бакырып ыйлап, үстүнө баса жыгылган Бүбү байбиченин өпкөсүн ок тешип кетти. Дем алган сайын кышылдап, өпкөсүнөн ириң, кан агып жүрүп, бака жалбырак тарткандан башка айла жок, же дарыгер жок, оорусу кабылдап жүрүп үч айдан кийин кайниси Калыгулдун артынан кайтпас сапарга кете берди.

— Мени кудай урганда байымдын сөзүн укпай кечинде көчмөк белек, эртең эле көчөөрбүз деп, ышынып койбодумбу. Мен бейбакка кошулуп, катын, калачтар: — бүгүн кеч болуп калды, кир-кечебизди жууп алалы, кытайдын суусуна кир чыкпайт деп эрлерин ынандырып коюшпадыбы, — деп Сүйүмкан бечара зар какшап ыйлап, чачы-башын саксайтып, бети-башын кызыл-ала кылып тытып, эс-акылдан ажырап, өмүр бою Өмүргазысынын күйүтүн тартып, боздоп жүрүп дүйнөдөн өттү. Арылгыс шорго малынып, акылдан адашкан кайран эл, азып-тозуп, ар жерде таруудай чачылып калды.

«Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы» болуп дүнүйө-мүлкүнөн, үй оокатынан, мал-жандыктарынан ажырап, кейигенге шайы келбей, жол азабын чегип, куугунчулардан кордук көрүп, жаныбыз эле аман калса экен деп, жан соогалап, көз жашын көл кылып, ата-энеден, бала-бакыра, жакындарынан айрылып, келе жаткан качкындарга жардам берип, көр казышып өлгөндөрүн жашырып, адамдык парзынан кутулгандын ордуна өлгөндөрдүн кийим-кечегин чечип алып, кызыл-тазыл шырдагын, сайма туш кийиздерин, ат жабдыктарын талашып талап алып жаткандарды, малын айдай качкандарды көрүп Казыбек далай күнү уктай албай, уйкусунан чочуп, элдин башына түшкөн каран күн көз алдынан кетпей, жүрөгүн мыжыгып, күчүн комузунан чыгарды.

* * *

Баштарына мүшкүл түшүп, эл-жерди таштап качып, бозгон качкындар Корумдукта акбагыш элинин арасында боз үй тигип жашап турушту. Абдылда, Кулчун баш болгон билермандар качкындардан жигит топтоп, башка кол салуучулардан коргоп, Сүйүндүк жигиттери менен чек арадан өтүп, Ак-Сай, Арпадан топоз айдап келип, бала-бакыраны эт-аштан үзгөргөн жок.

— Өз малыбызга өзүбүз ээ болбойбузбу. Бирөөнүн малына тийген жокпуз го. Алсак ата-бабабыздан калган малды, өз малыбызды өзүбүз керектеп жатабыз го, — деп дүпүлдөп калат.

Казыбек Кытайда да мурдагы келбетинен жазбай, сынсыпатын бузбай, аш-тойлордо болуп, ырын ырдап, обонун созуп, элдин сүймөнчүлүгү болуп жүрө берди. Жашоонун ыргагы менен Абдылдаларга кошулуп, Турпан тарапка кетти.

* * *

Келген коноктор тарап, Балбайдын үйүндө Казыбек экөө эле калды. Экөө чай ичип өткөн-кеткендерден аркы-беркини сүйлөшүп отуруп, Балбай сөздү андан ары улады:

— Казыке, «түбү бирге уланат, учу бирге үзүлөт» дейт. Экөөбүз бир тууганбыз, бир атанын балдарыбыз. Эшик төрдү көрүп алсын, келип-кетип турсун, эл-жерден безип, бөлөк эл, бөтөн жерде жүрөт, айыл аралап, журт аралап, көңүлү өссүн деп чакырткам.

— Ыракмат, молдоке.

— Эртеден бери айтабы десе өзүң айтпадың. Мен да батынып сурай албадым. Быякка келген жөн-жайыңарды да толук түшүнбөдүм. Айрым, айрымдардын айтканына караганда Кеңеш өкмөтүнө наразы болуп, ыр чыгаргандай кейпиң бар.

— Ээ молдоке, эл бекеринен айтпайт эмеспи. Кеңешке наразы болгонум да чын, ыр чыгарганым да чын. Кылган кылыгын көрүп-билип туруп, унчукпай кое албадым, молдоке.

— Этиеттесең болмок экен, Казыке. Кеңештин түбү түптүү эмеспи. Тиягы кең Орусия Сибири менен, батышы Украина, Белоруссия, Кавказы менен, биягы Казакстан Орто Азиясы менен. Мындай чоң мамлекеттин түзүлүшүнө каршы чыгып, көңүлүнө кетпесин, башыңа балээ тилегендикпи дейм.

Казыбек отурган ордунан козголуп тизелеп отура калып, кызуулана сөздү улантты.

— Молдоке, кудай берген жанды кудай алат дейт. Ажал жетип күн бүтсө, сандыктын түбүнө жашынып жатып алсаң да, тагдырдын жазганынан эч ким куткарып ала албасын жакшы түшүнөсүң. Биздин элдин көргөн күнүн, тарткан азабын, башка түшкөн мүшкүлүн көзүңүз менен көрбөсөңүз да, барган келгенден уккан чыгаарсыз.

Казыбектин колу жүккө жөлөнгөн комузга жабышты
Ар кимди бузуп теңинен ажыратты эбинен,
Байланба эски жолго деп бара берип кебинен
Ажыратып жол берип ак никелүү эринен,
Минтип жолдон чыгарды мусулманды чегинен.
Аялдан улук шайлады
Катыны барса жыйынга казанын эри кармады,
Арак берип мас кылып ачып койду парданы.

Эки уйлуунун бир уюн эбин таап алганы,
Жалганбы, чынбы ортого жардынын малын салганы.
Кожоюндук кылууга колунда малы калбады,
Өз малына ээ болбой өлөбүз деп арданды,
Түгөнбөй күндө көбөйдү түрлүү налог салганы.

Таштанды деп тердирди талаа-түздө калганды,
Түлкүдөн бетер сойдурду түрөгөй ит, тайганды.
Беш килден батек түтүнгө бергенибиз жалганбы,
Ушундан байкап билиңиз, улуктун пейли тарганын,
Көп жашаган карылар көрбөдүк деп зарлады.

. . . . . . . . . . .

Жаңыртып кийиз жасалып жабылбасын үйгө деп,
Жарлык кылдың элиңе жасалганбайпак кийбе деп,
Жалгыз кадак жүн үчүн жатаар жериң түрмө деп,
Кыскасы жүндөн кемисе кырктырып алдың тондорун
Жанжаныбар макулук жалпы баары түтүлүп,
Жаңылыштан калыптыр жалгыз бака кутулуп.

Туталанган Казыбек жаагын жанып, далайга чейин ырын үстөкө босток чуурутуп токтогон жок.

Мамлекеттик төңкөрүш жасап жибере тургансып эч күнөөсү жок абышка-кемпирди, көксөө чалдарды эчен кылымдан бери ата-бабасы мекендеп келген жеринен бөлөк эл, бөтөн жерге айдап, ит көрбөгөн, адам чыдабаган кордукту көргөзсө, далайы кан какшап, киндик каны тамган туулган жердин топурагынан кенедей жер буюрбай, сөөгү карга-кушка жем болуп алыста калды го. Анысы аз келгенсип, тигиниси тиги болсо, деги койчу Кеңештин ушул жоругун көрүп туруп, кантип унчукпай кое алам, молдоке.

Казыбек ичиндеги бугун чыгарып, жеңилдей түшкөнсүдү. Казыбектин ырын мурда өз оозунан угуп көрбөгөн Балбай ага бирде кызыгып, бирде сүктанып угуп отурду. Далай акындардын ырын укса да мынчалык каниет албаганын жашыра албай толкунданып кетти.

— Деги Казыке, этият бол. Бир атадан жалгызсың. Достон душман көп, бөөдө кайгы, кырсыктан алтын башың аман болуп, элиңдин эрмеги, сүймөнчүлүгү болуп жүрө бер. Баса, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарында ырларыңды Казыбектики деп айткандан өкмөттөн коркуп, сөзү обону элдики деп айтып жүрүшөт, — дейт, ал эмнеси?

— Айтса айтылып жүргөн чыгаар, молдоке. Мындай кеп-ги менин да кулагым чалды эле. Элдин эрмеги болуп, эл оозунда жүрө берсин. Мен ошого эле ыраазымын.

— Эл калыс, эл тараза эмеспи, Казыке. Ырларың эртеби, кечпи ээсин, өзүңдү табаар. Өткөндө Казыбектин казалдарын жазып кел деп Мамбеттни жибердим эле. Жанында эки-үч айлап жүрсө да жазып үлгүрбөсө керек, толук бүтпөдүм деп кайра келди. Мына бул жаман иниң дагы чоңоюп коларага жарап калды.

Балбай чай сунуп отурган уланга ээк шилтеди.

— Кудай өмүрүнө береке берсе, келечекте Жусуптан күткөнүбүз чоң. Зээндүү экен, кат-сабатын жоюп, окуганды, жазганды өздөштүрүп алды.

— Болсун, болсун молдоке.

— Казыке, эртеңки күн кандай болот, замана кандай болот, төө өркөчтөнүп турган мезгил. Эгер туура көрсөң казалдарыңды кагазга түшүрөлү, мурда жазгандарың болсо Жусупка көчүртөлү. Сенин казалдарың кыргыз элинин кенчи, элибиздин байлыгы, кылымдардан кылымдарга сакталышы керек. Сенин казалдарың эртеңки урпактарга керек, Казыке.

* * *

Зуурабүбү, Таажыгүл, Айша менен Белектикинде, Курсагы ток, кийими бүтүн, кем-карчы жок болсо да, чет өлкөдө, бөлөк эл, бөтөн жерде жүргөндө, туулган жер көздөн учуп, ал аз келгенсип, Абдылдалар менен Турпан тарапка кеткен Казыбектен кат-кабар жок, алда кандай болду деп сар-санаа убайымга батып, жегени желим, ичкени ирим болуп Зуурабүбүнүн ою ордунда эмес. Адамга жугумдуу, жаркырап оюндан башканы билбеген, жароокер Таажыгүл да атасын сагынып куса болгону мурдагыдай болбой, маанайы пастап, оюнга да анчалык көңүлү чаппай калды.

Үйдө жалгыз отуруп, ар нерсе оюна түшүп, Зуурабүбү ыйлап отурса, ойноп жүргөн Таажыгүл кирип келип, апасын мойнунан кучактап, эркелеп мындай деди:

— Апакебай ыйлабачы, ыйлап отуруп көзүң көрбөй калса, атам экөөбүз кантебиз. Зуурабүбү кызынын зээндүүлүгүнө, боорукерлигине ыраазы болуп, бети башынан өпкүлөдү.

— Сезимталдыгынан айланайын, сезимталдыгынан. Ыйлаба десең ыйлабай эле коеюн. Деги өзүң аман болсоң болду, жаркыным, өмүрүң узун болуп...

* *

Бир күнү Казыбектен ат коштогон Барат келди.

— Белек аба, Казыбек абам жиберди. Зуурабүбү жеңемди алып кел деп.

Казыбектин ал-жайын сурагандан кийин Белек күрсүнүп Зуурабүбүгө суроолуу карады.

— Кандай дейсиң балам?

— Мен эмне дейт элем аке? Өзүңөр билгиле. Чоочун жерге эмнеге барайын аке. Бир жаңсыл болгончо силер менен эле болгонум жакшы го. Кийинчерээк ыңгайын карап мен бармын, болбосо быякка келээр. Зуурабүбү адеп сактап, кете коем деп айта албай жер тиктеди.

— Бул жерде болсоң чогуу болсок ырас болот эле, Казыбектин мында келгени деле дурус эмес беле. Эми эмне кылабыз. Ушуну менен эки жолу ат коштотуп, киши жиберди. Мурда болсо өзүм жибербей койдум эле, эми болсо... «Атам, атам» деп Таажыгүл күнүгө ыйлап, куса болуп, өңдөн азды. Алда кандай болду? — деп санааркап да жүрөсүң. Барбасаң болбойт го, балам. Ушул чечимге келип, эртеси Зуурабүбүлөр жолго чыгышмак болушту.

Белек Айшаны колунан түшүрбөй көтөрүп, ага жалынып, жалбарып, «алып кетем» деп айтып жибербесе экен дегенсип, күнөөкөр адамдай Зуурабүбүдөн көзүн ала качып четтеп турду.

Бечара абышканын оюн түшүнгөн Зуурабүбү кызды бер деп айта албай, ага боору ооруп, зээни кейип, таштап кеткенге да жүрөгү чыдабай, бардык байлык, ырыскысынан ажырап жаткандай ичи эңшерилип, анысына деле кайыл болуп, сакалынан ылдый тамчылап турган жашты көрүп, аргасыздан атына камчы салды.

Мойнокту ашып баратып, Зуурабүбү артына кылчайып карап, бет аарчысы менен жашын аарчып, солуктап ыйлап турган Белекти көрдү.

* *

Казыбектерге жеткенче Зуурабүбүлөр жолго эки түнөп келишти. Айылга жакындаганда ал жердегилер үйлөрүнөн текши чыгып, тосуп алышты. Атасын тааныган Таажыгүл аттан тыбырчылап түшүп, тепилдеп Казыбекке чуркап жөнөдү. Мойнунан бекем кучактап, мойнунан, бети-башынан алмак-салмак өпкүлөп, ыйлап да жиберди. Мурда солкулдап койбогон, капаланып, бөксөрүп турганын бөлөк бирөөгө билгизбеген Казыбек оюна ар нерсе түштүбү, көз кычыктарынан жаш кылтыя түштү.

Учурашканы келген аял-эркек кетип , ээндей калганда Казыбек сөз баштады:

— Кандай жатасыңар Зукай?

— Кандайын сурайсың кудай деп жүрдүк. Бизди ойлобосоң да кыздарыңды ойлоп кабарлашып турбайсыңбы?

Келин туйтуңдады.

— Айша кана?

— Атасында калды. Алып кетем деп айта албадым.

Эмнесин айтасың, байкуш акем боздогон гана бойдон калды.

— Шарт ушундай болуп жатты Зукай. Силерди кантип ойлобой коеюн, мен да силерди сагындым, мен да куса болдум. Келинчегиме кетем деп айткандан аксакалдардан иймендим. Белек акемди да мында көчүрүп алабыз. Айша эмне бөлөк бирөөнүн колунда калды беле? А деле өз атасы... Кам санаба Зукай, ушинтип эле тентип жүрө бербек белек, бизге да бир күн жарк этип тийгиси бардыр.

* * *

Казыбектин ойлогон ою, тилеген тилеги, жакшы максаттары ишке ашпай, кулаган аскадай четинен быркырай берди. Кымындайынан жароокер, адамга жугумдуу жаралган Таажыгүл чечек чыгып, бөтөн жерге сөөгү коюлду. Андан бир аз мурун Төө-Карында атасы Мамбетимнинди угузуп, өз колунан топурак буюрбай бөлөк эл, бөлөк жерде сөөгү калганына сай сөөгү сыздап, далайга чейин басылбай атасын жоктоп ырдап, Жоошбайдан алган тайын союп, атасына арбагы ыраа-

зы болсун деп куран окуткандан кийин, баягыдай болуп жаркылдаганы калып, кабагы ачылбай суз артты. Качып-бозуп жүрүп, ысык-суукта калып, ден соолугу да бузулду. Арадан айлар өтүп, жыл жылга тогошту.

* * *

Турпанда Абдылдаларды туш тараптан куугунтукка алышып, тынчтык бербей койгондо айласы кеткен качкындар Кулжага өтүү максатында Үзөңгү Куушка келип, жарым айча туруп калышты. Күндөрдүн биринде айылдын четиндеги дөңдө эркектер кымыз ичип, тогуз кумалак ойноп отурушту эле, кыраакы Абдылда ордунан тура калды:

— Ай, Барат баатыр, көзүң курч эмеспи, турнабайды алып, секинин астындагы сайды карачы, эрбеңдеп эле караандар келаткансыйт.

Бул кабарды укканда отургандардын баары оюндарын таштап, орундарынан ыргып туруп, эки көздөрү ылдыйкы сайдан өтүп, томсоро түшүштү.

— Берчи турнабайды. Сүйүндүк Бараттын колунан турнабайды жулуп алды.

— Болбой калган тура, тегиз каптап келатат, качкыла!

Айылдагылар ызы-чуу түшүп, эмне кылаарын биле албай далдырашып, мурда октон жүрөгү калып, кан көрүп калган бечаралар туш тушка чилдей тарашты. Көп өтпөй аскерлер тегеректеп, ок туш тараптан зуулдап учуп, адегенде үйдүн жанында качканга шайы келбей калчылдап коркуп тургандарды кармап, колу-буттарын байлап, аскерлердин көпчүлүгү тоо таянган качкындардын артынан кууп кетишти.

— Көтөр колуңду Ай-күнүнө жетип, курсагын көтөрүп баса албай капталда жөрмөлөп бараткан Ажарды бирөөсү башынан алыс мылтык атып, токтотту. Мурда угуп жүргөнбү, кууган аскер өзүнчө сөгүнүп, сагынып көзүнөн жаш куюлтуп, калчылдап коркуп, тиши тишине тийбей солкулдап турган жаш келиндин белине курчанган жазылыгы төрт эли келген курду, тапанчасы менен чечип алды.

— Бул элден жакшылык жок. Катыны да тапанча тагынат. Ыгы келсе көзүңдү тазалап койгондон да кайра тартпайт.

Аскерлер качкандарды бирден экиден кармап келип чогулта баштады. Казыбек, Сүйүндүк, Жоон Асанбай баштаган 9 эркектин, Абдылданын кичүү зайыбы Ажар, Зуурабүбү баштаган 5 аялдын колун аркасына байлап, экөө айдап, кар-

малгандардын үй-мүлкүн кошо жүктөп, малын айдап, чек ара заставасына жөнөштү. Бир топ аскер колго түшкөндөрдүн чапан, чепкенин, тебетейлерин кийимдерин сыртынан кийип, улуу аялы Арууке, он бирдеги баласы Жапар менен кутулуп кеткен Абдылданын артынан издеп кетишти.

Согуш өнөрү менен таанышпыгы, куугун-сүргүндө мурда болуп, ал боюнча тажрыйбасы жок, саясий жактан кат-сабатсыз, шордуу качкындар кечээ үстүлөрүнөн ары-бери учкан самолеттон шек санабай, арасында чыккынчы жүргөнүн сезбей, беймаал жүрө беришип, капилеттен колго түшкөнүнө өкүттө калышты.

* * *

Караколго бир нече күндө жетишти. Казыбектерди түрмөгө салып, аялдарды өзүнчө камап коюшту. Баарын тинтип карап, аялдарды аялдар текшерип, көзүнө көрүнгөн жалтырагын, шакек, билеригин, сөйкөсүн, чолпусуна чейин баарын кан какшатып чечип алышты. Баарынан өкүнүчтүүсү Казыбектин акыркы 3—4 жылда жазып жүргөн калың казал дептери — бүгүнкү күндөгү күйөрман кыргыз журтуна жетпей чек ара заставасынын начальнигинде калды. «Итке темирдин кереги эмне» дегендей ал дептердин баасын, баркын билди дейсиңби?! Бул дептер кыргыз адабияты үчүн, кыргыз маданияты үчүн канчалык деңгээлде салмагы бар экенин, ченемсиз баа жеткис байлык экенин өзүңүздөр жакшы түшүнөсүздөр. Тилекке каршы, биздин элдин колуна жетпей калбадыбы, армандуу дүйнө.

* * *

Аялдарды көпкө кармаган жок. Бир сыйра кийимин берип, бирден жуурканды колуна карматты:

— Ме алгыла, ушуну сатып, эч жакка бурулбай Ат-Башыга түз кеткиле.

Кармалгандар менен акыркы жолу коштоштуруушту. Түрмөгө түшкөндөрдүн акыркы сөзү бул болду:

— Тагдырдын жазганына айла жок, бешөөңөр баягылардын аялдары ушинтип жүрөт дедиртпей, жоголуп кетпей, Ат-Башынын жүзүн аман-эсен көргүлө, кайраттуу болуп, өзүңөрдү бек кармагыла. Көп сүйлөштүрбөй аларды аскер бөлүп кетти. Казыбек кетип баратып артына бир кылчайып карап, көзүнүн жашын чууртуп, солуктап, ыйлап турган Зуурабүбүнү көрүп, экинчи көрүшпөй калаарын алдын ала сез-

гендей өзүн өзү токтото албай, кең дүйнө заматта тарып, астын-үстүн болуп кеткендей башы айланып, темтеңдей түшүп, анысын жанындагыларга сездирбей, ичинен күйүп-жанып, туталанып, кумсарган бойдон короого кирип кетти.

* * *

— Сенделе басып, беш аял базарга келишти. Бирден берген жууркандын, сырткы кийимдерин сатышты.

Түлкүнүн бучкагынан жасалган ичикти Зуурабүбү 50 сомго сатып жатып ичи туз куйгандай ачышты. «Таалайың тайып, ишиң кыйшактаганда туш тарабыңдан өксүй берет турбайсыңбы. Болбосо баягы мезгил болсо, 50 сомго бир жеңин карматат белем, түбүң түшкөн дүнүйө ушул үчүн бирде ачуу, бирде таттуу белемсиң. Ичиктин баркын билбегендей, адамдын деле баркын билбейт чыгарсың» — ичикти сатып алган соодагер ногойду жаман көзү менен карап койду. Аялдар соодасын бүтүп бүтө электе Ажар ичин басып кокуйлап ыйлап жиберди. Аялдар үрпөңдөп калышты.

— Болду, болбоду Ажардын боюнан козголду, — деди Калипа.

— Эми эмне кылабыз кокуй, — Жоон Асанбайдын аялы Күлүсүн чебеленип жиберди.

— Бу Караколго орус толуп кеткен го, эптеп бир кыргыздын үйүн тапсак болот эле.

— Баягы жылкы чоң үркүндө кыргыздарды күбалап, болбогонун байлап матап, көрбөгөнүн көр кылып, тоо-тоого сүрүп таштады дегени чын турбайбы, катыгүн.

— Ай катындар, какылдап какшап эле отура беребизби, тиги бечара тигинтип кыйналып жатса, ушунча чоң шаардан бир кыргыздын үйү табылбаса, өзүбек, дунган, ногойу толуп жүрбөйбү, мусулмандык кылып ажат ачаар, баскыла, үй издейли, — Калыйпа жанындагыларды жемелеп кирди.

Ажарды жөлөп-таяп жетелеп жүрүп, эптеп бир абышканыкына киргизишти.

— Аа, айланайындар, баягы уккан ушагыбыз чын турбайбы. Ат-Башылык чоң казалчы жигит өкмөткө наараазы болуп, Кытайга качып барып, чек арачылардын колуна түшүптүр туугандары менен дегенин кулагым чалды эле. Ошол шордуулардын үй-бүлөсү силер турбайсыңарбы, өткүлө айланайындар жогору. Байбиче жүдөгөн аялдардын кебете-кешпирин көрүп боору ооруп кетти.

Аскердин мылтыгынын үнүнөн коркуп калган, ок тийип өлгөн адамдарды көргөн, алардын элеси дайыма түшүнө кирип, чочуп калган Үзөңгү Кууштан Караколго жөө-жалаңдап айдалып, жол азабын тарткан жаш келин боюнан козголуп, тунгучунан ажырап калды. Ажар бечара мындан ары экинчи наристенин үнүн укпай кала тургандыгын, карып арыганча бала деп жүрүп жашоодон туяк көрбөй, зарлап өтүп кетээрин ошондо жаштыгы менен туйган жок.

— Ой, кудай ай, — деп ыйлап жиберди Күлүсүн. Үшинтип эле ок тийгени ок тийип, ойдогусу ойдон, тоодогусу тоодон, сууга акканы суудан агып, бойдон түшкөнү бойдон түшүп, бейкүнөө наристелерибизден ажырап, кыргыздын тукуму азая береби, кокуй. Эртеңки күнүбүз эмне болот эми.

Бул сөздү уккан аялдар, араң эле турганбы, кичинекей кепе үйдү үч көтөрүп, санаага жеңдирип, жинди болбосо да эс акылын жоготкон бечаралар уңулдап ыйлап жиберишти.

* * *

Эртеси үй ээси аялдарды пароходго салып, узатып жиберди. Саткан жууркан, бир сыйра кийимдеринин акчасынан 25 сомдон төлөп, пароходдун үстүнө түшүп, Балыкчыга келишти. Балыкчыдан Кочкорго жөө жетишти, таштак жолдо, күндүн ысыгына какталып, мурда жөө басып көнбөгөн тумсак бечаралардын буттары шишип, ылжырап баса албай калышты. Кочкордон жүк тартып барган Бекетакундун арабасына эптеп жармашып, түз жерден олтуруп, өйдө-ылдыйда жөө басып, өлдүк-талдык дегенде Ат-Башынын жүзүн көрүштү.

Ат-Башыга келгенде Зуурабүбү кайнагасы Эстебестикинде жүрүп калды, Бечара абышка-кемпири экөө келиндин көңүлүн оорутпай, көзүнүн агы менен тең айланып, өз кызындай мамиле кылышты. Күндөрдүн биринде Ак-Талаадан жакын тууганы Жумабек келди, Зуурабүбүнү алып кетмекке. Алымкожо баш болуп тууганадары:

— Жакшыдан калган керезди бербейбиз. Казыбегибиз аман болсо бир күнү жарк этип кирип келээр,, — деп сөзгө келбей Жумабекти кайра жөнөтүштү.

* * *

Жумабек жыл маалынан кийин экинчи жолу келгенде, Казыбектин туугандары тагдырдын жазуусуна аргасыздан баш ийишип, өз керт башынын аманчылыгын сакташ кыйын болуп турган заманда турмуштун олку-солку болуп турганы-

нан чочулашып, ыраазылыгын билдирип, Зуурабүбүнү ыйлап — сыктап узатып кала берищти. Он жыл бою жүрүп, жаманбы-жакшыбы жашоону жашап, азбы — көппү бир нече перзенттүү болуп, аягында колуна кармаган эч нерсеси, эрмек кылаар эч кимиси жок, коколой башы кетип баратканына жаны күйүп, заманасы куурулуп, кең дүйнөсү тарып, кымындайынан келип, өз эли, өз жериндей болуп калган Ат-Башынын кыйбай бармактайында баш кошкон Казыбеги менен аман-эсен экинчи жүздөшүп көрүшөөр, көрүшпөсүнө көзү жетпей, жүрөгү сыздап оорун, көзүнүн жашын куюлтуп, боздоп ыйлап, минген атынын тизгинин жыйып, теминген-генте алы келбей, жыгылып калчудай болуп, Жумабектин жетегинде илээлеп кетип баратты. Мурдунун суусун шолок-шолок тартып коюп, өпкө өпкөсүнө батпай солуктап, анда-санда артын кылчак-кылчак карап коет, бечара.

* * *

Ар улуттун өкүлдөрү жаткан Бишкектин түрмөсү.

Эртели — кеч чыгарып, эки маал эсеп — чотун алат. Эшикке чыга албай, жарыкчылыкты көрө албай, таза абадан кенениреэк жута албай, ордунан козголо албай, оорусунан жөнүгө албай камеринде сыз жерде саргарып жатканы дагы бар. Танды тан атканча кантала битке таланып, дене бою ылжырап, башы — көзү жара болуп, жүдөгөнү дагы бар.

Жашоого деген сугу артып, биринчиден, дартынан, экинчиден суракта тепкилеп, көрбөгөн кордукту көргөзүп, сабаганына чыдай албай, догдурлар да нээттенип жакшы көрбөй, жарыкчылык менен коштошкону, киндик каны тамган, өсүп — өнгөн жерин бир кайрылып көрө албай, арман менен зар какшап күйүттө кеткен дагы бар.

Казыбек Ат-Башысын эстеп, атырдай буркураган жыттуу абасын, мөлтүрөп аккан кашка суусун, ар коктудан түшкөн таптаза булагын, адырга чыккан шыбагын, каз ойногон көлүн, эркин ойноп жүргөн кезин, айланып, бир көрсөм, кумардан бир чыксам деп, ак эткенден так этип, Ат-Башыны жаннатка салыштырып көз алдына келтирди.

Бел—Кара-Суу, Ак-Бейитти, далай жыргал заманда өткөргөн өйүз жагындагы Бурганды эстеп, кейип-кейип кетти.

Буластап ойноп күлөөрдө, айдай болгон кыз-келинди, аймалап беттен сүйөөрдө, аргымак минип алкынтып, күлүк минип куулөнтүп, төрт бутуна така уруп, төгүлтүп жорго салдырбай, адам көрбөгөн күндү көрүп, адам чыдагыс жашоону

өткөрүп, жыйылган ООкаттын, тапкан малынын бир жыргалын көрбөй, от жалындай күйүп турган өмүр, отко күйүп, сууга агып, жарык дүйнөдөн кабар берген жылтыраган терезеси жок, караңгы бөлмөдө канатынан айрылган шумкардай күйүт тартып олтурду.

Күңгүрөнүп ичи уйгу-туйгу болуп, бир орунга отура албай тынымсыз ары бери басып, токтоно албай турган Казыбекке жанындагы жаш жигит суроо салды.

— Ээ, Казыбек байке, эмне эле тынчыңыз кетип калган, күндөгүдөн башкачасыз.

— Ээ, Карабек мырза, качкан болсо бак — таалай кап кулайт алтын тагынан, каарына алса жараткан капканга түшөт кабылан, канчалык ойго түшсөм да калбаймын кайрат сабынан. Тарткылыгы туура келсе, ак туйгун торго илинет—дейт, Карабек мырза, Муңубузду айтсак ким туюп, дартыбызды ким билет. Адамзат пендеси кудайдын мандайга жазганын көрүп, таалайдагы жазуу — чөнем менен болот турбайбы. Болбос жалаа үчүн кармалып, кайгым ичке толуп, калкымда эркин жүргөндө, дүйнөнүн кадырын билбептирмин.

— Ээ, Карабек мырза, Кара-Суудан казуулап, мылтык алып, куш салып, калбасак деп катардан, дуулдап жүрдүк бир кезде. Азыр-көптүр мал күтүп, Арпа менен Ак-Сайды жайлап, атанын аркасы менен башыбызда азаттык, колубузда малыбыз, калтабызда пулубуз болуп, жыбылжытып жорго минип, эч нерседен капарсыз куунап — ойноп жүргөн элек. Колдо бар алтынды барктабай, мезгилинде азаттыкка маани бербей жүрүп, бүгүн минтип агайын туугандан ажырап, ичибиз муңга толуп, карыптык башка түшүп кор болуп, айлана темир тор болуп турган кезибиз.

Кермеге күлүктү байлатып коюп, күнүгө бирин минип, сайрандап ойноп күлүп, самаган ишт орундап, мырзалар эчен керилген, муңайып сөздөн эринген бир кырка жигиттер топ топ болуп бастырганда айылдын көркү эле го, чиркин. Күрөң козудан шеринеге сойдуруп коюп, кымызды тандап ичип, кумар көз кыз-келиндин көзүн кылгыртып, булбулдай сайрап ырдаган башым, мындайды кудайым башка пендеге бербесин, беш жүз грамм каткан нанга бел байлап, кең дүйнө тар болуп, кымыз ичпес бул башым кыйгыл суута зар болуп турган кезим. Уйку качып, таңдын атмагы кыйын экен. Ага— иниси барлар, келип кетет экен, айыпталып түрмөдө жатсам, аркаман мени издеп ким келет. Кудайым пендем десе ааламда жалгыз кылбасын, артымда белдүү кишим жок болсо, ар-

камдап издеп ким келет. Калаар белем кабарсыз, кармаган колдо мал болсо, аялым калды амал жок. Кабарым издеп келүүгө кармаңган туткан балам жок. Камакта жаткан бизчилеп, кайгырган эрдин багы жок. Эч кабар укпай үй жактан, эки көзүм жайнады. Ээси жок катын, жаш балдар, эбак тарап сайлады.

— Казыбек байке, өзүңүз эстүү жансыз. Кудайдан артын бер деп тилеңиз.

— Карабек иним, Түрмөнүн тузун тартпаган адам калбаса керек. Тергөөсү да шашпайт экен, адамдын баркын көл билбейт тура, буга кириптер болуп жатпаган. Катарлап кулпу салынган, кара цемент үйдөбүз, ай тийбес үйдүн ичинде армаңыбызды айтып, үн чыгарып күлгөндөн айбыгып, мусапырлык башка түшкөндө, өткөн кеткен ойго түшүп, канчалык бекем болоюн десең да, заманаң кууруулуп, санааң бузулат тура иним.

— Казыбек байке, өзүңүз айтчу элеңиз го, санаага көп алдырба, акыйкат бир күн жарк этсе, асманда куштай сызаарбыз — деп. Ак жеринен кармалып, азап жеп жатканыбызды элдин баары эле билет ко, бирок борбор билбей жатпайбы. Борборго арыз жазсакпы дейм.

— Ээ, иним, анын ырас. Бейкүнөө зарлап жаткандар бул жердегилердин эле кылган иши, чымынды төөдөй кылып, кичине чекилик иш кылса күнөөсүн тоодой кылып, бул жердегилер бузуктардын тилине кирип, элибиздин бирин-эки баш көтөргөнүн жоготууга белсенип кирише баштады го. Жогор жакка жазса жазалы. Акыры акыйкатчылык, адамгерчилик бардыр. Алтындай баш дартка чалынып, маңдайыбыз калың шорго малынып, карыптык башка түшүп турган кез. Калың шордон айрылып, дүйнөнүн жарыгын көрүп, жалпы ага-ини, тууган, эл журтка барып, балдарымды алдыма отургузуп, кумардан канаар күн келээр бекен. Бала кездегидей кагылайын Ат-Башыда жүрөөр күн келээр бекен, баштагыдай дүрүлдөп, кайгы капаны унутуп, эл катары сүрөөр дүйнө бар бекен!

* * *

Тергөө бүтүп, сот башталды. Казыбектин ар нерсе түшүп оюна ички бугун сыртка чыгарып айткысы келди. Терезеси темир тордун ичинде терең санаага батып, соттун өкүмүн күтүп жатты.

«Кандай жаза болсо да, кабарын бүгүн эл билет. Ак ийилет, бирок сынбайт дейт. Ак жеринен күйгүзүп өлүмгө жаш-

ды кыйып жиберbegestir» — деп жалгыз жанымды тирүү кое көр деп чабалдык кылып чебеленген деле жок.

Трибунал текшерүүдө өйдө төмөнүн деле тактап, акыйкаттап, күнөөкөрлөрдүн күнөөсүн, чын төгүнүн далилдебеди. Жыйырма кишиден араң бирөө акталып, тогуз киши атууга, калгандары узак мөөнөткө түрмөгө кесилди.

Бар тобокелге салып, өзүн бекем кармап, жеңдирип кайгы санаага жеңилдигин билгизбей өзүн токтоо кармап, кадимкидей калбатынан жазбай, эртеби, кечпи кайтпас сапарга бараарын билип, айыл-апа, эли — журтун сагынып, «өтүп кетсе кайран жаш, өкүнсөң кайдан табылаар» — деп, жалгыз жанынын аманчылыгын тилеп, аман болсом айланып бир күн эл журтума кошулаармын, деп үмүт кылып, бөлмөдө жалгыз ичинде бугун чыгара албай, муңдуу обонго салып, казалын айтып жатты. Азаттык оңой олтоң келе койбосун баамдап, башын өлүмгө байлап, «акылды түрлүү айланткан, алдыда далай азаптуу күн келээрин, ала салып уйку жок, атмагы кыйын түн келээрин», алдын ала сезип жатты.

«Жагалмай учпас кыядан, жалгыз элем уядан,
Жараткан алла бир кудай, жардамды сенден суранам.
Жалгызга жардам берем деп. жазууда айткан убадаң
Эгем таала, бир кудай, эркиндик сенден суранам».
«Аябайм сенден жанды» — деп, айтып жүрчү дос кайда,
Канчалык жакын болсо да, карашпайт экен мындайда.
Жаратса бакты — таалайды жаркырап кимдер күлбөгөн,
Жашчылыктын мезгилин жалганда кимдер сүрбөгөн.
Оюна келсе балалык, ойноп кимдер күлбөгөн.
Баралында бир кезде, барчын элем үндөгөн,
Бактысыздык билинип, басынып турам түрмөдөн»

* * *

Бир кезде бирге сырдашып ойноп күлүп доорон сүрүп, бирге жыргашып, жамандык — жакшылыкты бирге көрөм, азабыңды бирге тартам деген жолдошторунун, жанымды сенден аябайм деп айтып жүрчү досторунун башы кирдеп, кырсыкка чалынганда бир кайрылып келбегенине «көктөгү шамал айдаган булуттай» капа болду. Тутунган тууганын, жутунган душманын эстеди. Уялашым болсо ушундай кыйынчылык башка түшүп, алсырап турганда, азыгын көтөрүп келбейт беле. Акыбалыңды сурап, колунан келсе да келбесе да аракетин жасап, подполдо жаткан башыңды көккө жеткирбейт беле. Аталаш тууган жок болсо, артыңдан издер уялашың болбосо, мендей адам армандуу экен деп зээни кейиди.

Ак жеринен күнөөгө кабылып, элинен адашып, азып келген жалгыз өзү эместигине бел байлап, калкыма нуска болсун деп, кагазга жазды белгисин.

«Айланып учуп, аң алуу, ак шумкар куштун табынан,
Азат жүрмөк, ак жүрмөк, азамат эрдин багынан».

* * *

Акыбал сурайын деп Ак-Талаалык Аралбай кирип калды.

— Казыке, кандай абалыңыз?

— Ээ, таяке эмнесин айтасың. Жакында жазган арызымдын жообу келсе, Эл журтка жетип, ата-энемдин карызынан кутулсам болду эле. Бир жерде текшерилбей саргайып жатат бейм.

— Сабырдын түбү сары алтын дейт, Казыке, сабыр кыл.

— Араке, апамды сыйлап теңтуш болсоң дагы таяке деп атыңдан айтпай жүрөмүн. Сенден көптөн көп сурарым, баягыларды эптеп бир элге жеткир. Биздин эртеңкибиз күмөн.

— Казыке, антпеңиз, үмүтсүз шайтан дейт, үмүт менен жашаган жакшы. А беркиден болсо кам санабаңыз. Беш жүз барактан ашып, алты жүзгө чамалап барып калды го. Баягы төө жуурканддын ичине кылдаттык менен ороп эле катып жатам.

* * *

Кымындайында кошулган Зуурабүбү Казыбектин оюнан такыр кетпей койду. Күңгүрөнүп ары бери бөлмөдө басты. Чыдабады окшойт колуна кагаз, калем алып, казалына кирди.

«Жаш кезинде, кошулган жароокер менин сүйгөнүм — Зукай.
Өзүмдөн жок бир бала, ошого менин күйгөнүм,
Алланын салган ишине кайгырып сүйлөп жүрбөгүн.
Айланып аман мен барсам, болгону кабыл тилегим.
Эркиндикте жүргөндө билбептмин сенин баркыңды.
Кайраттанып бел байлап, алсам дейм жазган катыңды.
Тирүүмдө эстен чыгарбайм, кат менен берген антыңды.
Кайрат кылып белбайла, кетирбей менин баркымды.
Кат аркылуу бек кармайм, кыса кармап колуңду.
Санаага көп чөмүлүп бөлбө пикир оюңду.
Тилекке жетип мен барсам түзөөрсүң кайра боюңду,
Ак тилекке биз жетип ,сен берсең менин тоюмду.
Келечекте турмуштун болоору кандай көз жетпейт.
Уйкуга көзүм жумулса түшүмдөн такыр сен кетпей,
Эртерээк кудай кошсо деп эки жакты дегдетпей,
Бак-таалай кайра жолугуп, ачылса күзгү кебездей.

Мандайдагы калың шор тараар дүйнө келээр,
Жаркырап ойноп элимде, турааp дүйнө келээр.
Жалпы тууган, эл журтка бараар дүйнө келээр, Зукай.
Капа болуп, камсыкпа. Кош саламат бол. Казыбек.

Катты жазып, түрмөдөн кутулуп кетип бараткан Акпийге карматты.

— Таяке, бул бет аарчы менен катты Зуурабүбүнүн колуна тийгизиңиз. Теримди жыттап, бечара сагынбай жүрсүн. Жок дегенде тирүү экенимди билсин.

Кат Зуурабүбүгө Терек-Суулук Болот аркылуу тийди. Катты окуп, бет аарчыны куркурата жыттады. Ылайым амал болсо экен, жалгызым Казыбек — деп шолоктоп ыйлап, көз жашын көл кылып, кудайга жалынып жатты. Бири кем дүйнө деген ушубу, бул убакта баары кеч болуп калган эле. Нечен кысталышта өмүрү кыйшык баспай келип акыры тагдырдын жазуусуна баш ийип, катуу жаңылганын, эми ордуна оңой менен келбесин сезип, боздоп-боздоп алды.

...Зуурабүбүнү Ат-Башыдан алып келгенден кийин туугандары ортого алышты.

— Зуураш, өзүң эстүү жансың, биз сага эмес сен бизге акыл айтсаң болмок. Бирок тагдыр ушул экен, кыз алган жарың Казыбек тигинтип жезиттин колуна түшүп, түрмөдө. Жок дегенде жалгыз агаң Жоломан аман болгондо, биз сени менен минтип жер тиктешип, тунжурашпайт элек го.

— Айланайын аталар, кагылайын апалар. Айтпасаңар деле оюңарды түшүнүп турам. Ушундай күнгө кабылып, ушундай тагдырга туш болом деп, үч уктасам түшүмө кирген эмес эле. Мен бейбак Казыбекке жаңы барган жылдардагыдай эле ойноп-күлүп, дооран сүрүп, жашоонун ырахатын көрүп, бул дүйнөдөн өтүп кетет экенмин деп жүрбөйүмбү.

Зуурабүбү солуктап ыйлап кирди. Аны көргөн абышка кемпир да чыдап тура албай, көздөрүнө жаш алышты.

— Зуураш, кагылайын — деди кара кемпир, чымыркапып сөздү улантып.

— Заманыңды өзүң көрүп турасың, жашоо күндөн-күнгө кыйындап баратат, айыл ичинде бирин-эки баш көтөргөч туугандарың түрмөдө, айрымдары жан айласы кылып башын коргоп, көрүнгөн жерде качып — бозуп, тентип жүрөт. Кимдин кайда экенин, эмне күн көрүп жатканын билген адам жок. Жумабек бечарага да кыйын болду. Турмуш бул болсо, жаш аялметтигине карабай, оорулуу энеңди эптеп багып жатса, анын үстүнө сен келип...

— Айланайын апакебайлар, жалгыз башымды энтеп бүтыраармын. Жумабек акемин деле кыйналып жатканын көрүп турамын. Казыбек элине туз насип буйруп, аман — эсен келсе, акемин кылган кызматын актаарбыз.

— Ай балам башың жаш да, башың жаш — деди сөзду улантып катар отурган кемпирдин бирөө. Казыбек эми келмек беле, же жезиттин колуна түшкөн адам аман кутулганын көргөнүңөр барбы?

— Ок! Зуурабүбү чочуп кетти. Айланайын апа, сизди өз апамдан кем көрчү эмес элем. Ушундай сөздү айтканга кантип оозуңуз барды. Казыбектин колунан даам сызып, казалын далай угуп, балдарыңызга бербеген батаны Казыбекке берчү элеңиз го.

— Зуураш, садага, он гүлүңдүн бири ачыла элек, али жашсың бала эле бойдонсуң. Колуңду кармаган ортоңордо бала жок. Сен да өзүнчө түтүн булатып, үй куруп, бала төрөп, жар күтүшүң керек. Сага жамандык санасак кудайга кой. Балжагай сары абышка чакчасын чокоюнун таманына каккылап, наспайын атты да «туура айттым» го — дегенсип, тегерегин дегилерге карады.

Зуурабүбү өпкө-өпкөсүнө батпай, ээги-эгине тийбей, үйдө отурган абышка — кемпирлерге жооп бергенге шайы келбей, улуп-уңшуп ыйлап жатты.

* * *

Акыры тагдырдын жазуусуна баш ийбеске Зуурабүбүнүн алы жетпеди. Көзүнүн жашын көл кылып кетип бараткан Зуурабүбүгө жеңеси шыбырады;

— Кызыке, кудайдын кудуретине айла жок экен, оомалуу, төкмөлүү дүнүйө дегениң ушул тура, Жалгызың Жоломандын көрпөчөсүн ыраа көрчү эмес элем, Жумабектин башына жаздап бер десе. Эми минтип бир жаздыкка баш жаздап.. Аял өзүнүн сөзүнүн аягына чыга албай буркурап ыйлап жиберди.

Көп өтпөй эл ичинде ар кандай сөз тарады.

— Башынан багың тайып, басылып турганыңда, каалап тийген эриңдин ысыгына күйүп, суугуна тоңбогон, алыс жерби, жакын жерби, барып акыбалын сурап койбогон катындан көрө жогу жакшы.

— Ай, Ыстамкул. оозуңа келгенди эле сүйлөй бересиңби. Бечара Зуурабүбү издеп баргандай болдубу?! Жалгыз агасы Жоломан каза болуптур, башка жакын туугандары кулак

деп айдалып, калганы качып — бозуп, тентип, туш-тушка чилдей тараптыр. Башка жан күйөөр тууганы болбосо... Бечаралар ушул күндү көрөт деп кимдин оюна келиптир. Аял көз жашын аарчыды.

— Ай, Бурул, башка башка, Казыбекти сен жакшы билесиң го. Токтоназар агаң менен жан курбу дос эмес беле. Деги Казыбек деген ким эле? Адамдан башка жаралган жан эмес беле· Кандай гана боору таш кону барып, жамандыкка кыйды экен. Тентип кетсе да, кайыр тилесе да, боору менен жылса да Зуурабүбү бир издеп барса болмок.

— Ыстамакун, бул сөзүңдө калет жок, армандуу дүйнө деген ушул турбайбы!..

* * *

Кайрабад түрмөсү.

Түн ортосунан өтүп калган убак. Казыбектер жаткан жер төлөнүн кулпулары шарактай түштү да каалгасы шарт ачылып, караңгыда арбайып, тарбайып эки надзиратель кирип келгенде камакта жаткандар бөлмөгө кара чаар жылаан киргенсип, бир жамандык болоорун алдын ала сезишип, дене бойлору жыйрыла түшүштү.

Жарыкты жандырып, алдыңкысы жагымсыз үн менен түнкү тынчтыкты бузуп, кыйкыра буюрду:

— Күнөөкөр Мамбетиминов, биздин артыбыздан ээрчигин.

Каалганын кулпуларын тез салышты да бирөө алдыга түшүп, Казыбекти ортого алып коридор менен бир нече эшиктен өтүп, үстүнкү кабаттын четки бөлмөлөрүнүн бирине алып келишти. Ортодо чакан үстөлдө НКВДнын офицери отурган экен. Казыбектин саламын алган да жок, үтүрөйүп көзүнүн төбөсү менен карап, маңдайыраакта турган отургучту көрсөттү.

— Отур алдагы жерге. Алдындаы кагаздарды барактап ачып, Казыбекке суроо бере баштады:

— Атың?

— Казыбек.

— Атаңдын аты?

— Мамбетимин.

— Эми жаныңдан үмүт кылсаң берген суроого так жооп берип, чыныңды айткын. Англиянын чалгындоо кызматы менен кандай байланышың бар?

— Эч кандай.

— Жалган айтып, жаныңды жебе.
— Мен чынын айтып жатамын.
— Жалган! — Тергөөчү чаңырып жиберди. — Мен сага чынын айт деп эскертпедим беле. — Бет талаштыра Казыбекти беш-алты жолу коюп жиберди. Байкоосуз турган Казыбек отургучтан кулап түшүп, жерге жыгылганда өтүк менен аяоо дегенди билбей, башы көзгө, ичке, белге тепкилеп кирди.
— Эми айтасыңбы чыныңды? Кытай өкмөтүнө эмне кызмат кылып жүрөсүң?
— Эч кандай кызмат кылган эмесмин.
— Кызмат кылбасаң, туугандарыңды уюштуруп, чек арачыларды өлтүртүп, басмачыларга кошулуп, мамлекеттин миңдеген коюн, топозун, жылкысын, чек арадан өткөрүп кеткениңер жалганбы?
— Мен бул ишке эч кандай тиешем жок.
— Тигини, тигини. Тиешең жок болсо, банда уюштуруп, элди үгүттөп көчүрүп, Кытайда эмне кылып жүрөсүң?
— Жан айласы кылып, кара жандын айынан качып — бозуп, көпчүлүк менен Кытайга качканым чын. Колума мылтык алып биրөөнүн канына забын болгонум жок. «Чет жерге бардым, мунум чын, чегинен өтүп кыргыздын, не да болсо бул ишим, негизи болду кылмыштын».
— Жаныңды жебе. Андан көрө чыныңды айтып күнөөңдү мойнуңа ал, антпейсиңби мына сага. — Тапанчанын кундагы менен шилиге коюп, Казыбекти жер сулатты. Коргоочусу, калыстыгын айтып, ажыратып кое турган киши болбосо ошо да, тергөөчү Казыбекти кайра тепкилеп кирди.
— Мына, мына... сага...
Тергөөчү бети башынан тер чыпылдап, өзү чарчаганча тепкилеп жатты. Терезедеги графиндеги суудан алып келип, эс учунан танып жаткан Казыбектин бетине чачты. Жанында турган эки надзиратель эки колтугунан сүйөп, отургучка кайра отургузду.
— Кеңеш өкмөтүнө жалаа жаап, эмнеге бүт дүйнөгө жамандап жүрөсүң?
— Бул күнөө мойнумда.
Тергөөчү жоошуй, кымыңдай түштү. Казыбектин сөзүнө кулак төшөдү. Кечээ эле ээн эркин, биրөөгө залалыбыз жок, өз оокатыбызды өзүбүз тың кылып жашап жатсак, жаныбызды койбой үй мүлкүбүздү, күткөн малыбызды чып — чыргасын калтырбай тартып алып, ак жеринен өзүбүздү элден бө-

луп, жерден бөлүп, күнөөлөп, ата-бабабыз укпаган жерге айдатты. Мында ичим бир муздады. Жалгыз энем өлгөндө өз колум менен топурак салып көмгөнгө жарабадым, атам бечара тентип жүрүп өлдү, сөөгү кайда калганын ушул убакка чейин билбейм. Мында бир жаным кашайды, башкасын айтпай эле коеюн.

— Ушул күнөөңдү билип туруп, борборго эмне арызданасың акмак.

Тергөөчүнүн өңү бузулуп, каны ичине тартып, калч-калч этө Казыбекке жакындап барып, бет талаштыра кою кал калды.

— Түрмөдөгүлөргө эмне деп үгүт жүргүзүп жүрөсүң? Социал-туран партиясына качантан бери мүчөсүң?

— Эч кандай үгүт жүргүзгөн жокмун. Социал-туран партиясы жөнүндө эч кандай түшүнүгүм жок.

— Митаамданба. Айтпайсыңбы чынынды. Мойнума албасам кутулуп кетем го деп ойлойсуң го. Баары бир сени мойнуңа алдырам, — кызарып — татарып буркулдаган тергөөчү чуркап келип, отургучта отурган Казыбекти чоң өтүгү менен төшкө тепти. Казыбек отургучу менен жерге кулады. Сырттан эки адамды чакырып аларга тапшырма берди:

— Күнөөмдү мойнума алам демейинче сабагыла, — деди да, папиросун буркурата тартып, коридорго чыгып кетти.

Адам таанылгыс болуп, бети-башы тулуптай болуп шишиген Казыбек, эки надзиратель иттин өлүгүн ыргыткансып, эки колунан сүйрөп келип, таштап кеткенден кийин, эс учунан таныл, далайга жатты. Жанындагылар үзүлүп түшүп, астын калыңдап үстүн жылуулап, ысык чай уурталы деген аракетинен эч натыйжа чыкпады. Кечке жуук эсине келип, көзүн ачты. Аралбай алып келген бир аяк шорпону да калчылдап отуруп, түзүктөп ичип түгөтө албады.

— Акыбалыңыз кандай Казыке? — деген Аралбайга кыңылдап төмөндөгүдөй жооп берди:

Карасын кийбей күрмөнүн, кадырын билбей дүйнөнүн,
Катардан дооран сүрөөрдө капасын тарттым дүйнөнүн,
Баар ачып дооран сүрөөрдө балаасын таптым түрмөнүн,
Бар ишим болуп жалаадан мен башынан актан күйгөмүн.
Кызылын кийбей күрмөнүн кызыгын көрбөй дүйнөнүн,
Кызыктап дооран сүрөөрдө кыйноосун тарттым түрмөнүн.

— Таяке, деди казалын бүтүп, Аралбайга шыбырап: Мен киши болуудан калдым окшойт, сөөгүм Ат-Башыны көрбөй

калды көрүнөт. Өзүндөгү аманатты эптеп элге жеткир, өзүм жетпесем да сөзүм жетсин.

Казыбектин шишиктен көрүнбөй калган көздөрүнөн жаш кылтыя түштү.

Ажал жетип күн бүтсө, акка мойон сунуп, ал жакка барар күн жетсе, кенчилик заман көрбөй, ичке көп убай кетип, артында кайгырып ыйлап калгыдай катынын, атакелеп ыйлагыдай балан жок болсо, кадимкидей көр казып, мусулманчылыктын расмисин жасап жаназа окуп, кастарлап көмөөр заман болбосо, дүйнөдө мындан өткөн тозок жокпу дейм, таяке.

Аралбай көңүл жубатып аркы-берки сөздү айтып, жанында далайга отурду. Бириндеп келип отуруп Казыбектин айланасына абактагылар толуп кетти. Казыбек башын көтөрүп, Аралбайга карады:

— Таяке, эптүү элен, эптеп комуз таап кел. Мобу бечаралар да бекер келип жаткан жери жок. Казалымдан бир аз айтып берейин, өзүмдүн да ооруган жерим, кыйналган жаным билинбей калсын.

Казыбектин тегерегинде төшөктөн жөлөп, эптеп отургузуп, колуна таап келген комузду карматышты. Шишип чыккан манчалары комуздун кылдарын басканда ыгы көп келе бербей, өзү да кышылдап кыйналып, онтогонун билгизбеске аракет кылып, күңгүрөнүп казалын баштады:

Туулуп өсүп бир жүргөн,
Тууганды биле сыйлайлы.
Томуктай баштан жан кетсе,
Топурак ээлейт турбайбы.
Кадыры жердин экен деп,
Калдайтып малды жыйбайлы.
Кайран бир баштан жан кетсе,
Кара жер ээлейт турбайбы.

Алтынды жыйнап нетемин,
Аркама таштап кетемин.
Агаин жакшы билесин,
Айтпаймын сөздүн бекерин.
Акыры ойлоп түшүнгүн
Ажалдын чындык экенин.
Күмүштү жыйнап нетемин.
Күн көрбөс жакка кетемин.

. . . . . . . . . . . . . . .

## МАЗМУНУ

Казыбектин арманы (повесть) . . 3

МАКСУТОВ Бактыбек

**КАЗЫБЕКТИН АРМАНЫ**

(повесть)

Редактору КАЗЫБЕКОВА К.К.

Редакциянын адреси:

Аламудүн району, Аламудүн айылы, Алма-Ата көчөсү, 289.

Заказ 1550. Тираж 3100

Типография ФХУ Аппарата Президента Кыргызской Республики